№9 (3562)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2024-жылдын
2-февралы

www.erkin-too.kg

КРнын Башкы прокурору Курманкул ЗУЛУШЕВ:

# «2 270 КЫЗМАТ АДАМЫ ЖООПКЕРЧИЛИККЕ ТАРТЫЛЫП, 12 МИЛЛИАРД 22 МИЛЛИОН 941 МИҢ СОМ ӨНДҮРҮЛДҮ»



3-БЕТТЕ



# АР БИР МЕКЕНДЕШИБИЗ ҮЙЛҮҮ БОЛСУН

***Президент Садыр Жапаров "Мамлекеттик турак жай саясаты чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн турак жай менен камсыз кылуу жана турак жай куруу механизмдерин андан ары өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыкка кол койду.***

"Менин үйүм 2021–2026" турак жай программасын ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасында турак жай куруунун көлөмүн көбөйтүүгө, анын наркын төмөндөтүүгө, турак жайды каржылоо, ипотекалык кредит берүү шарттарын жакшыртууга жана өз алдынча турак жай шарттарын жакшыртууга жөндөмдүү жарандардын санын көбөйтүүгө багытталган комплекстүү чаралар көрүлүүдө.



# БИЛИМ БИЗДИ БИЙИКТИККЕ ЧЫГАРАТ

***Жогорку Кеңештин Төрагасы Нурланбек Шакиев Бишкек шаарындагы жеке менчик «Креатив-Таалим» билим берүү комплексине барып, билим берүү менен катар улуттук баалуулуктарды да үйрөткөн мекеменин ишмердүүлүгү менен таанышты.***

Мугалимдер менен болгон жолугушууда Төрага эң чоң инвестиция билим берүү тармагына жасалышы керектигин белгилеп: «Босогодон аттаганда эле кыргыздын тарыхын, салт-санаасын чагылдырган көргөзмөлөргө күбө болдук. Бул ушул жерде билим алган окуучулардын улуттук наркка сугарылып, мыкты билим алып жатканынан кабар берет. Андыктан, бул жеке менчик мектеп экенине карабай, бардык билим берүү мекемелерине үлгү. Мындай заманбап мектептер борбордо эле эмес, өлкөнүн бардык аймактарында ачылышы керек», – деген Төрага мамлекеттик тилде билим берген мекеменин ишине жогору баасын берди.

Сөзүнүн аягында агартуучуларга ийгиликтерди каалап, өзү ала барган заманбап ноутбуктарды жана интерактивдүү тактаны белек кылды. Ошону менен бирге 200 миң сомдук каржылык жардамдын сертификатын тапшырды.




# САЛЫКТАР – ЖАКШЫЛЫК АЙЛАМПАСЫ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Улуттук салык форумунун жүрүшүндө 2023-жылдын консолидацияланган бюджетин салыктын жаңы түрлөрүн киргизбестен жана көбөйтпөстөн, 575 миллиард сомго жеткиргенин белгилеп, бул "жакшылык айлампасы" экендигин айтты.***

Министрлер Кабинетинин башчысы ошондой эле республиканын негизги экономикалык көрсөткүчтөрүнө токтолуп, өлкөнүн ИДПсы тарыхый чектен ашып, 1 триллион 228 миллиард 900 миллион сомго жеткенин белгиледи.

# Санариптештирүү замандын талабы

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматында жумушчу көчмө жыйын өткөрүп, жалпы салык төлөөчүлөргө ыңгайлуу шарт түзүлүшү үчүн салык тармагын санариптештирүү иши күчөтүлөөрүн билдирди.

# АЛМАТЫ ШААРЫНДА ФОРУМ ӨТТҮ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы-Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси Акылбек Жапаров Алматы шаарында жумушчу сапарынын алкагында Казакстан Республикасынын Премьер-министри Алихан Смаилов менен жолугушуп, соода-экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү чөйрөсүндө жана транспорт тармагында кызматташууларды талкуулашты.***

Эске сала кетсек, сапардын алкагында Министрлер Кабинетинин Төрагасы Евразиялык өкмөттөр аралык кеңештин жыйынына жана «Digital Almaty 2024: Industry X» эл аралык санарип форумуна катышат.

Мындан тышкары, визиттин алкагында делегация башчылары жана Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн Төрагасы Михаил Мишустин менен эки тараптуу жолугушуулар өткөрүлөт.



# МЫЙЗАМ КӨЗӨМӨЛҮ МЕНЕН МАМЛЕКЕТ ӨНҮГӨТ



***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Башкы прокуратуранын 2023-жылдын жыйынтыгы боюнча коллегиясына катышып, мамлекеттик бюджеттин көбөйүшүнө прокуратура органдарынын ордун белгиледи. Алардын кошкон салымынын негизинде, өлкөнүн ички дүң продукциясы 1 триллион 228 миллиард 900 миллион сомго жетип, тарыхый босогону аттаганын кошумчалады.***

«Ар бир мамлекеттик кызматкер өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жоопкерчилик менен аткарса, бул көрсөткүчтөргө жетишүүгө болот. Ал эми И.Раззаков айткандай: "Сен таза болсоң, мен таза болсом, коом да таза болот",- деди Акылбек Жапаров.

# 150 МЛН ЕВРОЛУК МЕМОРАНДУМ

***Бельгия Королдугунун Брюссель шаарындагы жумуш сапарында Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев транспорт тармагындагы долбоорлорду каржылоо үчүн жалпы суммасы 150 млн еврону түзгөн Кыргыз Республикасы менен Европа инвестициялык банкынын ортосунда өз ара түшүнүшүү жөнүндөгү меморандумга кол койду.***




Ошол күнү МинКаб Төрагасынын орун басары Европа Биримдигинин Тышкы иштер жана коопсуздук саясаты боюнча Жогорку өкүлү жана Европа комиссиясынын Вице-президенти Жозеп Боррель менен жолугуп, транспорттук байланыштарды, транзиттик потенциалды жана соода жүгүртүүнү өнүктүрүү үчүн эки тараптуу кызматташуунун актуалдуу маселелерин талкуулашты.

# ЖАҢЫ ТЕХНИКАЛАРДЫ ЖАКШЫ ПАЙДАЛАНАЛЫ

***Өзгөчө кырдаалдар министрлигине техникаларды тапшыруу аземине Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Камчыбек Ташиев катышып, акыркы үч жылда министрликтин карамагына 700дөн ашык заманбап унаалар берилгенин, авариялык-куткаруу кызматынын жабдыктары толугу менен жаңыланганын белгиледи.***

МинКаб Төрагасынын орун басары Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин кызматкерлерин берилген техникага аяр мамиле жасоого чакырып, бир катар тапшырмаларды берди.






# РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНАН ДЕЛЕГАЦИЯ КЕЛДИ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Россия Федерациясынын Өнөр жай жана соода министринин орун басары Алексей Беспрозванных баштаган Россия Федерациясынан келген делегация өкүлдөрүн кабыл алды.***

Жолугушууда тараптар Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосунда соода жүргүзүү, кайра иштетүүчү өнөр жай тармагы, сейрек кездешүүчү жана маанилүү металлдарды иштетүү, ошондой эле өнөр жай индустриалдык парк куруу боюнча кызматташууну мындан ары өнүктүрүү маселелери тууралуу кенен талкуулашты.

# Европа менен байланыш чыңдалууда

***Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары - Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министри Бакыт Төрөбаев Брюссель шаарына (Бельгия Королдугу) болгон жумуш сапарынын алкагында, Борбор Азия менен Европа Биримдигинин ортосундагы туруктуу транспорттук байланыштар боюнча Биринчи "Global Gateway" инвесторлор форумунун ачылыш сессиясында баяндама жасады.***

Анда МинКаб Төрагасынын орун басары Европа менен Азияны байланыштырган Кыргыз Республикасынын транспорттук коридорлорунун маанилүүлүгүн кошумчалап, учурда ишке ашырып жаткан эл аралык "Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан" жана өлкө ичиндеги "Балыкчы – Макмал" темир жолдорунун курулушунун маанилүүлүгүнө токтолду. Европа биримдигине кирген өлкөлөр менен транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү жана өз ара пайдалуу өнөктөштүккө кыргыз тарап дайым даяр экенин баса белгиледи.

**Зулпукаар САПАНОВ**

МЫЙЗАМ САКЧЫЛАРЫ
www.erkin-too.kg

# ПРОКУРАТУРА ОРГАНДАРЫНЫН БЫЛТЫРКЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ КАНДАЙ БОЛДУ?



Башкы прокурор Курманкул Зулушев мыйзамдуулуктун абалы жана анын үстөмдүгүн чыңдоо боюнча 2023-жылдагы прокуратура органдары тарабынан аткарылган иштер тууралуу маалымат жыйынын өткөрдү. Маалымат жыйынга бир катар маалымат агенттиктердин жана маалымат каражаттарынын өкүлдөрү катышты.

Башкы прокурор кириш сөзүндө өлкөнүн башкы көзөмөл органынын жетекчиси коррупцияга каршы туруктуу күрөш, мамлекеттин, жарандардын, жеке ишкерлердин укуктарын коргоого багытталган прокурордук көзөмөл боюнча аткарылган иштер тууралуу, ошондой эле өлкө аймагындагы кылмыштуулуктун жана мыйзамдуулуктун абалы боюнча жалпы маалымат берди.

### ЖАЛПЫ КЫЛМЫШТУУЛУК

2023-жылы республика боюнча 41 961 (45 096) кылмыш катталып, алардын 4968и оор жана өзгөчө оор кылмыштардын категориясына кирген. Салыштырып айтканда, кылмыштуулук 2022-жылга караганда - 7 пайызга же 3 135 кылмышка азайган. Катталган кылмыштардын 65 пайызынын бети ачылып, өндүрүштө болгон кылмыш иштеринин ачылышы 17 пайызга өскөн.

Тергөөнү жана изин суутпай издөө ишине көзөмөлдөөдө өткөн жылы 28 289 кылмыш ишинин тергөөсү аяктап, 9 603 кылмыш иши соттук кароого жиберилсе, 18 685 кылмыш иш өндүрүштөн кыскартылган. Ал эми соттор тарабынан 100 кылмыш иш тергөөнүн мүчүлүштүктөрүн жоюу үчүн кайра тергөөгө кайтарылган.

Ошондой эле өндүрүштөн мыйзамсыз кыскартылган 3 406 жана өндүрүштөн мыйзамсыз токтотулган 5 510 кылмыш иштеринин токтомдору прокурорлор тарабынан жокко чыгарылып, алардын ичинен бүгүнкү күнү 448 кылмыш ишинин тергөөсү аяктап, соттун кароосуна жөнөтүлгөн.

Жогоруда белгиленгендей, иштерди жүргүзүүдө прокурорлор тарабынан тергөө органдарына 11 616 жазуу түрүндө көрсөтмөлөр берилген. Тергөө жана изин суутпай издөө ишинде орун алган мыйзам бузуулар боюнча келтирилген прокурордук чара көрүү актыларынын негизинде 726 укук коргоо органдарынын кызматкерине тартиптик чаралар колдонулган.

Курманкул Зулушев оор эмес кылмыштарды жасагандарды камакка алуу учурларын токтотууну талап кылып жатканына да токтолду. "Мен ар бир прокурорго алар карап жаткан кылмыш иштин артында бир эле адам тагдыры эмес, анын үй-бүлөсүнүн, жакындарынын санааркоосу жана укук коргоо органдарынан акыйкатты, мыйзамдуулукту күткөн үмүтү бар экенин эстен чыгарбай, ар бир ишти кароодо шалаакылык менен кайдигерликке жол бербөөнү эскерттим. Ошондой эле тергөө органдарынан алдамчылык фактысы боюнча иш козгоодо анын мыйзамдуулугуна жана негиздүүлүгүнө баа берүүнү, жарандык тартипте чечиле турган маселелер боюнча да иш козгоп, анча оор эмес кылмыштарды жасагандыгы үчүн бөгөт коюу чарасы катары камакка алуу учурларын токтотууну талап кылуудамын", - деди Баш прокурор.

Кошумчалай кетчү жагдай, соттун өкүмү менен 275 млн 472 миң 314 сомго айып пул салынып, анын ичинен 69,5 пайызы (191 млн 727 миң 545 сом) өндүрүлгөн.

### БАЛДАРГА ЖАНА АЯЛДАРГА ЖАСАЛГАН ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК

Жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо максатында прокуратура органдары тарабынан 1 233 текшерүү жүргүзүлүп, 2 721 мыйзам бузуулар аныкталып, аларды жоюу багытында 1 352 чара көрүү актылары келтирилип, кароонун жыйынтыгы менен 1 250 кызмат адамы тартиптик жоопкерчиликке, 57 кызмат адамы айыпка тартылып, 12 965 455 сомдук зыян мамлекеттин эсебине өндүрүлүп, 23 кылмыш иши козголгон.

Былтыркы жылы балдарга карата жасалган кылмыштар 2022-жылга салыштырмалуу 123 кылмышка өсүп 1 832 (1 790) кылмыш иши козголгон, алардын ичинен 679 кылмыш иши балдарга карата зордук-зомбулук фактылары боюнча. Аталган кылмыш иштердин ичинен 1 086 кылмыш иш соттук кароого жиберилген, 658 кыскартылган, 206 иштин өндүрүшү убактылуу токтотулган жана 75 иш боюнча тергөө амалдары жүргүзүлүүдө.

Жетим балдардын укуктарын коргоо багытындагы мыйзам талаптарынын аткарылышы боюнча 90 текшерүү жүргүзүлүп, аныкталган 195 мыйзам бузуулар боюнча 92 прокурордук чара көрүү актылары келтирилип, 11 адам тартиптик жоопкерчиликке тартылып, сотко 4 доо арыздар келтирилип, баары канаатташдырылган.

2023-жылы жаш өспүрүмдөргө карата жасалган кылмыштардын жалпы саны 1 832 (2022-жылы – 2 000) катталган. 2023-жылы балдар тарабынан 1 552 (1 698) кылмыш жасалып, 2022-жылга салыштырмалуу 146га азайган. Тергөөнүн жыйынтыгы менен 426 кылмыш иши соттун кароосуна жиберилип, 1 126 иш кыскартылган.

2023-жылы аялдарга карата жасалган кылмыштар боюнча 8 340 (5181) кылмыш иши козголуп, былтыркы жылга салыштырмалуу 3 159 ишке өскөн. Алардын ичинен 3 867 кылмыш иши соттун кароосуна жиберилип, 2 120 иш өндүрүштөн кыскартылып, 1 574 иш өндүрүштөн токтотулган, 779 кылмыш иши тергөө стадиясында турат.

### КОКОДОН ИЛГЕН КОРРУПЦИЯ

Коррупциялык жана кызматтык кылмыштар боюнча 2023-жылы укук коргоо органдары тарабынан 1 116 (1057) кылмыш иши козголгон. Тактап айтканда, Прокуратура органдары тарабынан – 506, Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматы тарабынан – 385, Ички иштер министрлиги тарабынан – 228. Аталган категориядагы кылмыш иштеринин ичинен 403 кылмыш иши соттун кароосуна жиберилип, (прокуратура органдары тарабынан - 202, УКМК – 147, ИИМ – 54), 361 кылмыш иши өндүрүштөн кыскартылган (прокуратура тарабынан – 113, УКМК – 84, ИИМ – 164).

Бул жерде баса белгилеп айта кетчү жагдай, кылмыш иштери боюнча алдын ала аныкталган мамлекетке келтирилген зыяндын суммасы 5 миллиард 202 миллион 525 миң 572 (4 679 160 932) сомду түзгөн, аталган сумманын 59 пайызы, тактап айтканда 3 миллиард 044 миллион 373 миң 50 (3 323 172 029) сом өндүрүлдү. Анын ичинен прокуратура органдары тарабынан – 1 миллиард 745 миллион 411 миң 719 сом, Ички иштер министрлиги тарабынан – 1 миллиард 298 миллион 961 миң 331 сом, Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызмат тарабынан – 1 миллиард 511 миллион 911 миң 022 сом мамлекеттин пайдасына кайтарылган.

Коррупцияга каршы аракеттенүү жана мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө багыты боюнча 2023-жылы жалпысынан 7922 текшерүү жүргүзүлүп, 19166 мыйзам бузуу аныкталган. Аларды четтетүү максатында 10518 прокурордук акт келтирилип, 539 кылмыш иш козголгон. Жыйынтыгында 5242 кызмат адамы тартиптик, 2 270 кызмат адамы административдик жоопкерчиликке тартылып, мамлекеттин эсебине 12 миллиард 22 миллион 941 миң 43 сом өндүрүлгөн. Анын 738 миллион 685 миң 197 сому акчалай, 11 миллиард 284 миллион 255 миң 846 сому натуралай түрдө өндүрүлгөн.

Прокурорлордун ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы менен республика боюнча мыйзамсыз менчикке өтүп кеткен 2 700 гектар жер тилкеси, 21 социалдык багыттагы объекттер жер тилкелери менен кайтарылды. Алардын ичинен 7 бала бакчанын, 2 ФАПтын, 1 дарыкананын, 2 лицейдин, 2 мектептин, 1 жогорку окуу жайдын, 1 ат майдан жана 2 бала бакчага тиешелүү жер тилкелер, ошондой эле 1 жатакананын жана 1 маданият үйүнүн имараттары кайтарылган.

Бул жерде Курманкул Зулушев айыпталган жарандын угуулган айыбы далилденбесе, анда мамлекеттик айыптоочу айыптоодон баш тартышы керектигин талап кылып, практикада колдонулуп жатканы абдан туура экенин айтып койгонубуз эп. Башкы прокурор: "Өзүнүздөргө белгилүү болгондой мен Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорлук кызматына киришкенден баштап мыйзамдын үстөмдүгүн, инсандын, коомдун жана мамлекеттин мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарынын сакталышын камсыз кылуу максатында, соттук териштирүүдө айыпкерге угузулган айыбы далилденбесе, анда мамлекеттик айыптоочу айыптоодон баш тартышы керектигин талап кылып келем. Анткени, күнөөсү далилденбеген адамды кылмыш жообуна тартуудан баш тартуу, кылмыш иши боюнча негиздүү айыпты колдоо сыяктуу эле прокурорлордун милдети. Кылмыш ишин кароонун мыйзамдуулугу прокурорлордун кесипкөйлүгүнөн жана объективдүү баа берүүсүнөн көз каранды" - деди.

Баарыбыз билгендей, прокуратура органдарынын негизги милдети – мамлекетибизде мыйзамдуулукту камсыз кылуу, бузулган укуктарды жана мыйзамдуу кызыкчылыктарды калыбына келтирүү. Ал эми аныкталган зыянды өндүрүү негизги максатка кирбейт. Бирок, буга карабастан 2023-жылы прокуратура органдарынын негизги багыттары боюнча жалпысынан 17 миллиард 979 миллион 359 миң 612 сом аныкталган, 16 миллиард 923 миллион 112 мин 669 сом өндүрүлгөн, анын ичинде 4 миллиард 558 миллион 17 миң 722 сом акчалай түрдө, ал эми 12 миллиард 364 миллион 891 миң 982 сом натуралык түрдө өндүрүлгөн.

### БАШКА ӨЛКӨЛӨРДӨ ЖАЗАСЫН ӨТӨГӨН МЕКЕНДЕШТЕР

Азыркы тапта чет жактарда 1452 жаран жазасын өтөп жатканы белгилүү болду. Анын ичинде Россия Федерациясынын 79 субъектинде жайгашкан түзөтүү мекемелеринде Кыргызстандын 1167 жараны жазасын өтөшүүдө. Президенттин тапшырмасы менен чет өлкөдө соттолгон биздин жарандарды мындан аркы жазасын өтөө үчүн өткөрүп алуу иштери жүрүп жатат. Атап айтсак, чет өлкөлөрдүн аймагында соттолуп, жазасын мындан ары өтөө үчүн Кыргызстандын 74 жарандары Россиянын, 5 жаран Казакстандын түзөтүү мекемелеринен өткөрүлүп алынды. Дагы 42 жаранды алып келүү жол-жобосу жүзөгө ашырылууда. 326 жаран боюнча тиешелүү соттун чечимдери жана башка документтери Россия Федерациясынан суратылды, алардын жыйынтыгы менен мыйзамда белгиленген тартип боюнча иш алып барылмакчы. Ошондой эле суроо-жооп маалында Тажикстанда кылмыш жоопкерчилигине тартылган 2 жараныбыз кайтарылганы маалым болду.

## ЖУРНАЛИСТТЕРДИН СУРООЛОРУНА ЖООП БЕРИЛДИ

Башкы прокурор Курманкул Зулушевдин жалпы маалыматынан кийин маалымат каражаттарынын өкүлдөрү прокуратура органдарынын ишмердүүлүгү, коомдо резонанс жараткан түрдүү окуялар, кылмыш чөйрөсү менен күрөшүү, Кумтөр кылмыш иши, укук коргоо органдарында жана аскер бөлүктөрүндө орун алган мыйзамсыз аракеттер, кылмышка шектүү катары кармалган саясатчылар, журналисттер тууралуу суроолорду беришти.

### КАМЧЫ КӨЛБАЕВДИ КАРМООДО МЫЙЗАМ БУЗУУЛАР АНЫКТАЛГАН ЖОК

Камчы Көлбаевди кармоодогу мыйзамдуулук боюнча берилген суроого Курманкул Зулушев: "Президентибиз "эгер мыйзам бузуу аныкталса кылмыш ишин козгоп, карагыла" деп тапшырма берген. Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин кызматкерлери козголгон кылмыш иши боюнча кармоо үчүн барышкан экен. "Каршылык көрсөтүп, ошондон улам атышуу болду" дегендин мыйзамдуулугун карадык. Кылмыш ишти караштуулугу боюнча УКМКга өткөрүп бердик. Себеби, бизде азыр тергөө укуу жок. Эгерде УКМКнын кызматкерлерине каршы иш болсо Аскер прокуратурасы тергейт. Андай факты аныкталган жок. Ошондуктан тергөөнү УКМК улантып жатат" - деп жооп берди.

### 11 БЛОГЕРГЕ КОЗГОЛГОН ИШТИН МЫЙЗАМДУУЛУГУ КАРАЛАТ

Кармалган саясатчы, журналисттер боюнча да суроого: "Жакында эле 11 блогер кармалып, тергөөсү жүрүп жатат. Прокуратура ар бир иштин мыйзамдуулугун карайт. Бүгүн прокуратурада тергөө жок. УКМК жана ИИМде. Ишти козгоого негиз барбы? Биз мыйзамдуулугун карайбыз. Алардын сүйлөгөндөрүнүн, аракеттеринин экспертизасын алып келип иш козгоп, баш коргоо чарасын камакта кылып тергейбиз дейт. Биз болсо мыйзамдуулугун гана карайбыз. Ошол ар бир иштеги процессуалдык аракеттердин мыйзамдуулугун карап турабыз. Кармалган жарандардан, адвокаттардан арыздар келет. Бүт баарын текшерип, өз-өзүнчө жообун берип жатабыз. Эгерде мыйзам бузуу аныкталса, анда кайсыл тергөөчү болбосун кылмыш ишин козгогонго даярбыз", - деди К.Зулушев.

### БАЛЫКЧЫДА КЫЗДЫ СҮЗҮП КЕТКЕН ИИМ КЫЗМАТКЕРИ ЖАЗАЛАНАТ

Балыкчыда кызды коюп кеткен ИИМ кызматкери боюнча суроого Курманкул Зулушев жооп узатып: "Прокуратура дароо иш козгогон. Шектүү из жашырган, бирок УКМК аны Бишкектен кармады. ШИИБ жетекчисинин агасы кылмышты жаап-жашырууга айыпталып кармалды. Жабырлануучу тарап дооматынан баш тартканы менен мыйзам чегинде баа берилет", - деди.

**Зулпукаар САПАНОВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити



# УЛУТТУК НАРКТЫ ТУУ ТУТКАН ИНСАН

## Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетовдун бейнесине сүртүмдөр



Мен республикабыздагы көрүнүктүү саясатчылардын баарын жакындан жакшы билем. Кызмат ишиме байланыштуу өткөн кылымдын сексен-токсонунчу жылдардагы жана эгемендүүлүк мезгилдеги орчундуу саясий окуялардын чордонунун түздөн-түз катышуучусу болдум. Алар ар кандай кырдаалда өзүлөрүн кандай көрсөтө алышты, ээлеген позициялары, көз караштары, кабыл алган чечимдери кандай болду баары көз алдымда. Өтө курч кырдаалда өзүлөрүнүн чечкиндүү сөзүн айталбай, жалтангандарын да байкадым. Ушундайлардын айынан үч жолу элдик толкун болуп, президенттер кызматтарынан куулду.

Эл оозунда элдик уул, улут лидери аталууга Исхак Раззаков, Турдакун Усубалиев татыктуу болушту. Республиканын калыптануу, өнүгүү жана гүлдөө доору алардын үлүшүнө туш келди. Өлкөнүн кызыкчылыгын гана ойлогон, мамлекеттик башкаруу принциптерин жакшы билген, аны бекем туткан, элдин эрки менен эсептешкен бийлик гана эл тарабынан колдоого алынары эгемендүүлүк доордо таасын көрүндү.

Президент Садыр Нургожоевич Жапаровдун өлкөнү туруктуу өнүктүрүү багытындагы батыл аракеттери, коррупцияга жана уюшкан кылмыштуулукка каршы чечкиндүү күрөшү эл тарабынан жактырууга ээ болууда. Мындай бийликтен жакшылыкты күтсө болот. Президенттин ишенимдүү, үзүрлүү аракеттери анын командасынын күчтүүлүгүн көрсөтөт. "Вазир жакшы, хан жакшы" деп бекеринен айтылбайт. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары – Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы К.Ташиев, Мамлекеттик катчы С.Касмамбетов жана башкалар мамлекеттин жүгүн, жоопкерчилигин өзүлөрүнө алышкан эр-азаматтар.

Элдик адилет бийлик – ынтымактын, ийгиликтин өбөлгөсү. Ушундан улам КР Президенти С.Жапаров элдик наркты, каада-салтты сыйлоого, аны кеңири жайылтууга олуттуу көңүл буруууда. Президенттик биринчи күндөрүндө эле ушул багытта бир катар жарлыктарды чыгарды. Улуттук идеология, байыртадан келаткан наркты, салтты ыйык сактоо, бекем тутуу бардык жакшылыктардын, өнүгүүнүн өбөлгөсү экендигине басым койду.

Мына ушул олуттуу иштерди жүзөгө ашырууда КР Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек Касмамбетов жан үрөп катуу аракеттенүүдө. Эгемендүүлүк доордо бир катар мамкатчыларды көрдүк. Бирок, С.Касмамбетов алардан айырмаланып, элдин жапырт таанылуусуна ээ болгону сейрек көрүнүш. Анын элдик каада-салтты, өткөн-кеткенди, санжыра-уламыштарды жакшы билгендиги, сөзмөрлүгү, эл менен баарлаша, алардын оюндагы-жүрөгүндөгүлөрдү козгой алгандыгы, ой-өрүшү кенендиги аны Элдик мамлекеттик катчы катары тааныта алды. Ар кандай жыйындарда, салтанаттарда анын ар бир сөзү башкалардан мазмундуулугу, угумдуулугу, жеткиликтүүлүгү, кызыктуулугу, ар тараптуулугу менен айырмаланат. Өткөн-кеткендерди бүгүнкү күнгө ылайыкташтырып уккулуктуу айтканына таң калышат. Оозунда сөзү, айтарга кеби, үлгү болор иши бар экенин күн сайын көрсөтүп келет. Мурда көрүнбөй кайда жүрдү эле дегендер да жок эмес... Айтор, С.Касмамбетов бүгүнкү күндө эл көзүнө көрүнгөн, эл оозуна алынган, анын айткан ар бир сөзү эл кулагына илинген таанымал саясатчылардын бири болуп калды.

Күнү бүгүнкүдөй эсимде, 1986-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинде, аталган окуу жайдын тарых факультетинин партиялык уюмунун тагдыр чечер, тарыхый чогулушу болду. Тагдыр чечер, тарыхый дегеним, анда тарых илимдеринин доктору, профессор Сабыр Аттокуровго улутчулдук айыбы тагылып, уруучулдук көз караш мамилениин жактоочусу, жайылтуучусу деген кине коюлуп, анын партиялык жоопкерчилиги каралды.

Профессорго коюлган дооматтар: Сабыр Аттокуров студенттерге этнография боюнча лекция окуганда кыргыздардын урууурууга, урук-урукка бөлүнүшүнө көбүрөөк басым жасайт, аны менен тим болбой студенттерден "Сен кайсы уруудансың?" деп сурайт. Кокус, студент өз уруусун билбей калса: "Ар бир кыргыз баласы өз уруусун билиши керек, а сен урууңду билбейт экенсиң" деп басынтат. Уруучулдук идеяларды таратат деген кинелер эле. Азыр мүмкүн, мунун баары күлкүлүү угулаттыр, ал убакта бул университеттин профессорун кызматтан алып түшөр саясий мүнөздөгү оор айыптоолор эле.

Партиялык чогулушка тарых факультетинин коммунист профессорлору, мугалимдери катышты. Алардын арасында экиүч коммунист студент да бар экен. Адатта коммунист болгон соң, студенттер да партиялык чогулуштарга катышчу. Мен да жаш коммунист болгондуктан, 1-курстан факультеттин, университеттин партиялык чогулуштарына катышкам. Жөн эле катышып тим болбой, керек болсо сөз сүйлөп, толук кандуу укукка ээ болчубуз.

Партиялык чогулушта күтүлгөндөй эле Сабыр Аттокуровду партиянын катарынан чыгаруу маселеси көтөрүлдү. Ал кезде партиянын катарынан чыгаруу өтө катуу жаза катары каралчу. Эгер профессор партиянын катарынан чыгарылса, анда мамлекеттик статусу бар жападан жалгыз университетте иштөөгө укугу жок болуп, кызматынан да ажырамак.

Партиялык чогулуш мына ушундай чиеленген оор маселеге келип такалып, залды жымжырттык басып, ак чач агайлардын башы жер карады. Ошол маалда Сүйүнбек Касмамбетов аттуу коммунист студент сөз алып, трибунага чыкты. Окуунун алдыңкысы, Карл Маркс атындагы стипендиант экен. Ал трибунага чыгып, ким эмне айтаар экен деп арсар ойлуу тунжураган агайларын кыдырата бир карап алды да, жагымдуу коңур үнү менен агайын жактап сүйлөдү. Апкаарыган да, сүйлөгөн сөзүнөн жаңылган да жок. Сабыр Аттокуров лекцияны абдан кызыктуу өтөрүн, анын ар бир сөзү студенттин көңүлүнө жадыбалдай жат болуп каларын, Кыргызстандын тарыхын окутууда кызыктуу материалдарды колдоно билерин, студенттин атабегин сурагандын эч кандай айыбы жоктугун, ар бир бала өзүнүн жети атасын билиши керектигин, бул кылымдардан бери келаткан салт экенин айтып, ар бир жүйөсүн далилдер менен тастыктады. Коммунист студенттин айткандары ынанымдуу да, жүйөлүү да чыкты. Сабыр Аттокуровдун студенттер арасында кадыр-баркы жогору экендигин кашкайта далилдеп салды. Куштар чурулдап жатканда бүркүттүн шаңшыганы кулакка өзгөчө угулат го. Мага анын өз оюн, көз карашын тартынбай, түз, таамай айтканы жакты. Буюрса, кыргыздын таламын талашып чыкчу, бычакка сап боло турган жигиттердин бири экен деп ойлоп койдум. Анда мен "Советтик Кыргызстан" гезитинин мектептер, окуу жайлар бөлүмүнүн башчысы элем. Чогулушка гезиттин атынан катышкам.

Сүйүнбек Касмамбетов менен алгачкы кездешүү мына ушундай болгон. Кийинки биздин жолугушуубуз 1999-жылы болду. Улуу кызым мектепти бүтүп, бүтүрүү кечеси шаардагы ресторандардын биринде белгиленди. Бүтүрүү кечесинин алпаруучусу Сүйүнбек Касмамбетов экен.
– Ой, бул баягы университеттин сүйлөгөн жигит турбайбы деп дароо эле тааныдым. Кечени абдан жандуу алып барды. Жамактатып сүйлөп, элди эриктирген да, зериктирген да жок. Адатта, алып баруучулар сөз таап сүйлөй билгенден да, элдин маанайын көрө билип, ошого жараша кечени алпарыш керек эмеспи. Ошол жолу анын укмуштуудай сөзмөрдүгүн байкадым. Сөз байлыгын айта бер, ар бир жолу кезектеги кишиге сөз берип жатканда да кыябын келтирип, угумдуу, жугумдуу сүйлөп, макаллакаптардан аралаштыра, чокту козгогондой жан дүйнөңдү козгоп турса, өзүң эле ага тартылып, уккуң эле келет экен.

2000-жылы мен Жогорку Кеңештин аппарат жетекчиси болуп калдым. Сүйүнбек Касмамбетов парламентте бөлүм башчы экен. Мына ошол жерден экөөбүздүн чогуу иштеп, үзөңгүлөш жүрүп, жакын, жылуу мамилебиздин учугу башталды.

Жогорку Кеңеште баш-аягы 21 жыл иштедим, анын 5 жылында аппарат жетекчиси, калган жылдары бөлүм башчы болдум. Сүйүнбек Касмамбетов болсо көп жылдар бөлүм башчы, аппарат жетекчисинин орун басары болуп иштеди.

Ошентип, үзөңгүлөш, ийиндеш иштеп, ортодо муздак жел аралабас жылуу мамиле жаралып, анын баскан жолу тууралуу өз оозунан уксам, анын мамлекеттик кызматтагы аткарган ишине, ишке болгон мамилесине өз көзүм менен күбө болдум.

С.Касмамбетов жаштайынан эле тирикарак, чыйрак, зирек, баамчыл, эмгекчил, мээнеткеч катары элге таанылган экен. 20 жашында СССРдин жогорку сыйлыгы “Ардак белгиси” ордени менен сыйланган. Андан көп өтпөй Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгына ээ болот. Солкулдаган жаш кезинде республикага эмгеги, мээнети менен таанылат.

1993-жылы Жогорку Кеңешке ишке кирет. Эки ортодо бир жылдай Беларусияда элчиликте экинчи секретарь болуп иштейт. Анан эле 1995-жылы кайрадан Жогорку Кеңештин аппаратына кызматка алынат. Бул жылдар Жогорку Кеңеш саясий окуялардын чордону болуп, не бир мамлекет тагдырын чечер чечимдер, мыйзамдар кабыл алынып жаткан учур болчу. Кыргызстан КП БКнын мурдагы биринчи секретары, улут лидерлеринин бири Турдакун Усубалиев парламентке шайланып, кайрадан саясатка аралашып калган. Сүйүнбек Касмамбетов жардамчы-консультант болуп 5 жыл иштеди. Легендарлуу парламент, анын депутаттары, Т.Усубалиев менен иштешүү

анын саясаттагы жетилүү, такшалуу мектеби болгону айныксыз. Кыргызстанды 25 жылга жакын башкарган атактуу, даңктуу киши С.Касмамбетовду өзүнө жардамчы кылып тандаганы бекеринен эмес экени түшүнүктүү. “Акыл оошот, ырыс жугушат” дегендей, Т.Усубалиев менен иштешип, ар бир маалыматка, фактыга аяр мамиле жасоону, адамдар менен мамиле кылууну үйрөндү, көп таалим-тарбия алды. Ошол эле учурда Т.Усубалиев тарабынан демилгеленген жана сунушталган ой-пикир, мыйзам долбоорунун, идеялардын авторлошу да болду.

С.Касмамбетовдун жетекчилик уюштуруучулугу, инсандык касиеттери КР Жогорку Кеңешинин Аппарат жетекчиси, жетекчинин орун басары болуп турганда таасын көрүндү. Парламенттин ишин уюштуруу, мыйзам долбоорлорун даярдоо, кароого киргизүү, аткарылышын контролдоо, анын сапаттуу жана жогорку деңгээлде болушун камсыз кылуу Жогорку Кеңештин Аппаратына байланыштуу болот. С.Касмамбетов дээрлик чейрек кылым ушул иштерди кынтыксыз, өз убагында так, сапаттуу аткарууну камсыз кылды.

Сылык-сыпаа, жайдары мүнөзү, улуу-кичүүгө бирдей мамилеси, бой көтөрбөгөнү, бир калыпта жүргөнү анын кесиптештери арасындагы кадыр-баркын көкөлөтүп турду.

Кыскасы, ал парламентте баар тапты. Зор кадыр-баркка ээ болду. Эмгеги мамлекеттик сыйлыктарга арзыды. Эгемендүү өлкөнүн “Даңк” медалы, КРнын Ардак грамотасы, Жогорку Кеңештин Ардак грамотасы менен сыйланды. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын эмгек сиңирген кызматкери наамына татыктуу болду.

С.Касмамбетов ар тараптуу, терең билимдүү, таланттуу инсан. Тарыхты, маданиятты мыкты билет. Чыгармачыл инсандар, өнөр адамдарынын арасында абдан белгилүү. Өзү да чыгармачыл үй-бүлөдө төрөлүп-өсүп, тарбияланган. Атасы айтылуу манасчы,



ары төкмө Сапарбек Касмамбетов болсо, апасы белгилүү педагог, драматург, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими Асангүл Абдыгулова. Жаштайынан куйма кулак, сөзгө ынак өскөн.

Сүйүнбектин айтымында, алардын үйлөрүнө манасчылар, акындар көп келчү экен. Ал өзү менен теңтуш балдар менен текирең таскак салып ойноп кетпей, үйгө келген залкар адамдардын колуна суу куюп, батасын алып, алар улуу сөздүн учугун улап сүйлөшүп жатканда атасынын этегин баса отуруп, сөздүүлөрдөн сөз жуктурган. Уктаса да, турса да кулагына “Манас” эпосу баштаган элдик дастандар, санжыра, уламыштар жаңырып турса, анын баары жаш Сүйүнбектин көкүрөгүнө уялап, түбөлүк руханий кенч болуп жыйыла берген да. Анүстүнө тубаса куйма кулактык, улуу сөзгө ынактык, атадан балага кан аркылуу өтүп отурбайбы. Анын төкмөлүгү да, сөзмөрлүгү да атадан балага өткөн өнөр.

Атасын тартып ал да кээде колуна комузду алып ырды сабалатып, жамгырдай нөшөрлөтүп төгүп иет. Тарыхты, санжыраны, элдик нарк-насилди мыкты билет. Аябай сөзмөр. Чечен. Тубаса таланттуу. Мен ага “Сенин ордуң Жогорку Кеңеш эмес экен, аппарат жетекчисинин орун басарлыгы бул убактылуу нерсе, ал унутулат. Түбөлүктүү нерсе - бул өнөр. Сенин атыңды өнөр чыгарат. Жок дегенде эмгек сиңирген артист болуп калмаксың. Ушул өнөрдү бекер таштагансың” деп тамаша чындан көп айттым. Өзү да бу акын менен айтыштым, тиги төкмө менен төгүштүм деп калат. Эгер ал колуна комуз алып жамактап, төкмөлүктүн артынан түшкөндө, айтылуу төкмөлөрдүн бири болмок.

Эми чынында тагдырдын пешенеге жазганына деле өктө кылып, өкүнгөндө болбойт, мамлекеттик иш да өнөр, мамлекеттик кызматта сааттай так, адилет, калыс иштөө баарынын колунан келе бербейт. Мамлекеттик кызматка да таланттуу адамдар керек. Ушул өңүттөн алганда ал Жогорку Кеңеште да абдан жакшы иштеди. Жогорку Кеңеш Сүйүнбек Касмамбетов үчүн такшалуунун кайталангыс мектеби болду. 2020-жылы жаңы бийлик келгенде анын Жогорку Кеңештеги жетик жана жөндөмдүү аппарат кызматкери экенин жакшы билишкендиктен, Президенттик аппаратты жетектөөгө алып келишти.

Анын мамлекеттик иште бышкандыгы, уюштуруучулук таланты, кыраакылыгы 2020-жылдын айтылуу күзгү саясий окуяларынан кийин тарыхый кыйчалыш мезгилде көрүндү. Кыска аралыктын ичинде өлкөдөгү туруктуулукту камсыз кылуу үчүн Президенттик аппараттын ичиндеги олку-солкулукту жок кылыш керек эле. Мындай кыйчалыш кырдаалда Президенттин аппарат жетекчисине, анын уюштуруучулук талантына, саясатчылар, саясий топтор, мамлекеттик кызматта тажрыйбасы бар кадрлар менен ийкемдүү сүйлөшө билүүсүнө көп нерсе байланыштуу. Себеби, бийлик алмашып жатканда кадр алмашуулар өтө көп болот, айрым кадрлар жаңы бийлик менен иштешсемби деп арсар болсо, мурдагы бийликтин тушунда иштеген кадрлар жаңы бийликтин ишине бут тосуп, каршы иштерди жасайт, же башка бир кызмат десе кайсы бийлик менен иштешүүгө даяр, бирок ишин тартып кете албаган, жөндөмсүз кадрлар пайда боло калат. Мына ушул алкеш-чалкеш Президенттик аппараттын ишиндеги ийкемдүү, сааттын чыкылдаганындай так ишти жолго коюуда С.Касмамбетовдун аппаратта иштеген көп жылдык тажрыйбасы даана көрүндү.

Анан калса аппарат жетекчиси бир эле президенттин аппараты менен алек болбойт. Министрликтердин, облустук, райондук администрациялардын башчылары ким болот, кандай кадрларды тандоо керек, жайгаштыруу аппарат жетекчисинин кызматтык милдетине кирет. Президенттин аппаратында да көп жаңылануу болду. Кадрлар: бөлүм башчылар, аппарат кызматкерлери дээрлик алмашты.

Ал кыска аралыктын ичинде, тагыраагы революциялык кырдаалда аппараттын ишин тартипке салууда, элдик толкун тарабынан куулган, чачылган, талкаланган мамлекеттик аппараттын, эмне кыларын билбей эси ооган министрликтердин, жер-жерлердеги мамлекеттик органдардын ишин жөнгө салуу, уюштуруу, жарлык, буйруктарды кабыл алуу, аны аткаруучуларга тез жеткирүү, контролдоо, талап кылуу, иш-чараларды өткөрүү иштерин кынтыксыз уюштура алды. Өзүн тарыхый олку-солку кырдаалда мамлекеттик масштабдагы уюштургуч, өтүмдүү жетекчи экендигин көрсөттү. Уюштуруучулугу, жөндөмдүүлүгү, тажрыйбалуулугу даана, таасын байкалды.

Саясий-тарыхий иш-чаралар – президенттик шайлоо жана референдумдардын таза, ачык өтүшүнө бараандуу үлүш кошту. Айрыкча жаңы Конституцияны иштеп чыгууда, кабыл алууда да С.Касмамбетов көп эмгек сиңирди. Жаңы Конституциянын лингвистикалык-экспертизалык комиссиясынын төрагасы мен болдум.

Жаңы кабыл алынган Конституцияга ылайык, мамлекеттик катчы кызматы кайрадан киргизилди. Мурда 2010-жылы жаңы Конституция кабыл алынып жатканда Мамлекеттик катчылык кереги жок деп жоюп салынган.

Ошентип, жаңы бийлик тушунда “Мамлекеттик катчы ким болот?” экен деп күтүп калышты. Ошондо мен өзүм демилге көтөрүп, Кыргызстандагы аттуу-баштуу кишилер менен кеңешип, Мамлекеттик катчы кызматына Сүйүнбек Касмамбетов татыктуу деп президентке кайрылуу жөнөттүк.

Мында биз, демилгечил топ Президенттик башкаруу өлкөлөрдө мамлекеттик катчы өтө маанилүү, орчундуу, өлкөнүн эң түйүндүү маселелерин чечкен кызмат орду экенин, ал президенттин оң колу, эң ишенимдүү, тилектеши, максатташы, идеялашы, жөлөк-таянычы болушу керектигин, мамлекеттик кызматта зор тажрыйбасы, кадыр-баркы, саясий салмагы бар, ыр-чырга, коррупциялык иштерге аралашпаган, тар чөйрөнүн, бир партиянын, топтун кызыкчылыгын көздөбөгөн, акыл калчаган, асыл ойду, бийик максатты, түбөлүк баалуулуктарды, адам эркиндигин, укугун туу туткан, билимдүү, жогору адамгерчиликтүү, элге алымдуу, улуу-кичүүгө, баарысына тең караган, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү күчтүү, калыс, адилет, бардык жагынан жетик адам болушу зарылдыгын көрсөтүп, С.Касмамбетов мына ошондой артыкчылыктарга ээ экендигин белгиледик.

Анын тубаса сөзмөрлүгү, чечендиги, улуттук наркты, тарыхты билгени, чыгармачылык үй-бүлөдөн өсүп чыкканы, болгондо манасчынын канынан жаралганы анын Мамлекеттик катчы кызматы үчүн ар тараптан төп келерин да баса айттык. Улуттук идеологиянын жолго коюлушу, анын ар бир адамга жетиши, жеткиликтүү болушу Мамлекеттик катчы кызматында ким турса ошого байланыштуу болмок. А улуттук идеология дегенибиз кооз сөз эмес. Анын өзөгү - жаңы Конституцияда белгиленген ата-бабаларыбыздын наркын, салтын ыйык сактоо, элибиздин тарыхый-маданий баалуулуктарын аздектөө, биримдикти, ынтымакты бекемдөө, мамлекеттүүлүктү чыңдоо, руханий өнүгүүнү камсыз кылуу болуп саналат.

Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан бери бир топтор Мамлекеттик катчы болуп кызмат кылышты. Алардын арасында жөндүүсү да жөнтөгү да, жер чечегин безеген чечендери да, глобалдашкан дүйнөдөн кеп салган кыялкечтери да болбой койбоду. А Мамлекеттик катчылыкка улуттун нарк-насилин жарлаган, улуттун руханий баалуулуктарын туу туткан, саясий кутумчулуктан алыс, карапайым элге жакын инсан керек эле. Биз жана эл күткөндөй С.Касмамбетов өзүнүн тубаса жөнөкөйлүгү, нарк билген бийик касиети менен карапайым элге алымдуу, элдин сүймөнчүгүнө айланган, көпчүлүктүн көөнүндөгүнү түшүнө билген, айта алган Мамлекеттик катчы боло алды. Мына ушул жөнөкөйлүк аны ар дайым көкөлөтүп, кадыр-баркын бийиктетип турат. Кемелине келип, баралына толуп, бардык жактан бышып, Мамлекеттик катчылык кызматты өз деңгээлинде ишенимдүү алып бара жатат.

**А.СУЛТАНБАЕВ,**
**Кыргыз Республикасынын Журналисттер союзунун төрагасы, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер**



АЙМАКТАГЫ ИШТЕР
www.erkin-too.kg

## КР Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Нурлан ДАРДАНОВ:

# «ЭЛ КЫЗМАТЫНДА АБИЙИР ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК МААНИЛҮҮ»



**- Нурлан Камалбекович, кызматка келгенден тарта кандай өзгөрүүлөрдү киргиздиңиз, бир аймакты өнүктүрүү үчүн эмне маанилүү экенине ынандыңыз?**

- КР Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү болуп 2023-жылдын 3-мартында дайындалгам. Ошол убактан тартып облусубуздун социалдык экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо, элдин жашоо шартын жакшыртуу аракетиндебиз. Бир аймакты өзгөртүү үчүн – абийир менен таза иштеп, эл ишенимине жоопкерчилик менен мамиле, кылуубуз маанилүү деп ойлойм.

**- Облуста бүгүнкү күнгө чейин аткарылган иштерге токтолуп өтсөңүз?**

- Облус боюнча 2023-жылга өнөр-жай продукцияларын өндүрүү энергетика ишканаларынын продукцияларын эсепке алганда 26 млрд 253 млн сомго өндүрүлүп, өсүү темпи 105,8 пайызга аткарылды. Жалпы салык төлөмдөрүнөн мамлекеттик бюджетке түшүрүү планда 6 млрд 248 млн 400 миң сом каралса, иш жүзүндө 6 млрд 282 млн 600 миң сом чогултулду. Социалдык багытта 7 мектеп курулуп бүттү жана курулушу аяктоо алдында дагы 3 мектеп турат. Калкты таза суу менен камсыздоо иштери да жүрүүдө. Ал эми 119 жаңы чакан жана орто ишканалар ачылып, 676 жаңы жумушчу орундары түзүлдү. Анын басымдуу көпчүлүгү кызмат көрсөтүүчү соода түйүндөрү, ашканалар, чач тарачтар, унаа жуучу жана техникалык тейлөөчү жайлар.

**- Негизинен Талас шаарынын ички жолдорунун абалы кыйла жакшырганы байкалат. Аны менен катар жыл ичинде Талас аэропортун реконструкциялоо башталган болчу, быйыл ишке киреби?**

- Жол тармагы боюнча Президенттин фондунан 210 млн сом бөлүнгөн. Жалпы облус боюнча 36 км 200 метр жол ондолсо, Талас шаары боюнча 19 көчөнүн 22 км 200 метр аралыгына асфальт басылды. Ал эми Бакай-Ата районунун Ак-Дөбө айылында эл аралык маанидеги Суусамыр – Талас – Тараз авто жолунда “JICA” эл аралык кызматташтык агенттигинин колдоосу менен көпүрө салынууда. Долбоордун жалпы наркы 16 млн 200 долларды түзөт. Манас районунда Бала-Саруу ГЭСинин курулушу аяктаганы турат. ГЭСтен 25 мВт кубаттуулуктагы электр энергиясы өндүрүлөт. ГЭС толук кубаттуулукта иштесе, жай мезгилинде эки райондун элин электр энергиясы менен камсыздайт. Аэропортту реконструкциялоонун алкагында аэропорттун учуучу тилкесине толугу менен асфальт төшөлүп бүткөн. Аэровокзалдын курулушу "Манас" аэропортунун курулушчулары тарабынан жүргүзүлдү. Бүгүнкү күндө курулушу аяктап, жакында ишке берилгени турат.

**- «Жер үй» алтын кени Талас облусунун өнүгүүсүнө кандай салым кошууда?**

- «Жер-Үй» алтын кенин иштеткен “Альянс Алтын” ЖЧКсына 2023-жылдын жыйынтыгы менен республикалык бюджетке 4 млрд 645 млн сом салык чегерилди. “Альянс Алтын” компаниясы жыл сайын жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдөрдү өнүктүрүүгө төлөмдөрдү которуп турат. Которулган акча каражатынын 50%ы Талас облустук өнүктүрүү фондуна, 30%ы Талас райондук өнүктүрүү фондуна, ал эми 20%ы Бекмолдо айыл өкмөтүнүн эсебине түшөт. Мунун натыйжасында облуста көптөгөн иштер аткарылууда. Мисалы, Талас облустук өнүктүрүү фонду тарабынан 2023-жылы 26 социалдык жана инфраструктуралык долбоорлор фонддун Башкоочу кеңеши тарабынан жактырылып, каражаттар бекитилген. Ал эми Бекмолдо айыл өкмөтүндө өткөн жылды айтпаганда, жыл жаңырышы менен 3 ири имараттын ачылышы болду. Анда толук ондоп-түзөөдөн өткөрүлгөн айыл тарыхын камтыган музейи, бардык шарты каралган жабык типтеги спорт комплекси, 30 орундуу кийим тигүүчү цех ишке кирди.

**- Талас элинин негизги кирешеси төө буурчак. Дыйкандардын өткөн жылдагы түшүмү кандай болду, баасы арзандаган жокпу?**

- Талас облусунда монокультурага айланган төө буурчак өсүмдүгү массалык түрдө 2000-жылдан бери өндүрүлүп келет. Жылына орточо эсеп менен алганда облустагы айдоо жерлердин 50-60 пайызына дыйкандарыбыз төө буурчак эгишет. Ал эми 2023-жылы төө буурчак 51 682 жер аянтка эгилген. Дүң жыйым 72,6 миң тоннаны түздү. Негизинен төө буурчак жылына дүйнөнүн 27 мамлекетине экспорттко чыгат. 2023-жылдын ичинде төө буурчактын 43 945,2 тоннасы экспортко чыккан. Былтыркы жылдын түшүмүн дыйкандарыбыз сортторуна жараша киллограммын 90-150 сомго чейин сатышты.

**- Төө буурчактын түшүмдүүлүгүн арттыруу аракеттери көрүлүп жатабы?**

- Акыркы жылдары төө буурчактын түшүмү ар кандай болууда. Маселен дыйкандар жерлерин которуштуруп айдабагандыктан же үрөн алмашылбагандыктан улам да түшүмдүүлүк төмөндөп кеткени себеп болууда. Бирок, бул көйгөйдү чечүү максатында азыркы тапта төө буурчактын үрөнүн жаңыртуу боюнча иш аракеттер жүрүп жатат. Өткөн жылы Европадан жаңы сорттор алынып келинип, биздин дыйкандар өндүрүп көрүшүп бул жылы жайылтуу, үрөн катары дыйкандарга сатуу аракети жүрүүдө.

**- Таласта дыйкандар кант кызылчасын да айдашат, мындан 3-4 жыл мурда күз мезгили келгенде кызылча тапшыруучу пункттарга барганда көйгөй жаралып, кызылчалар убагында кабыл алынбай жергиликтүүлөр кыйналышкан. Бүгүн Маймак кант кызылчасын алуучу пункту бардык шартка жооп береби?**

- Кант кызылчанын аянты облуста жылдан жылга көбөйүүдө. Себеби сапаттуу үрөндөрдү Кайынды кант заводу келишимдин негизинде дыйкандарга таратып берет. Ошол себептен түшүмү жакшы болуп, кант кызылчасын айдаган дыйкандарыбыздын саны өсүүдө. Негизинен кант кызылчасын өстүрүүгө Бакай-Ата, Айтматов, Манас райондорунун климаттык шарты туура келет. Былтыркы жылы облус боюнча кант кызылчасынын аянты 705 гектар болуп, андан 37,6 миң тонна түшүм жыйналды. Бул 2022-жылга салыштырмалуу 19, 4 пайызга көбөйгөн. Тактап айтканда, түшүмдүүлүгү гектарына 533 центнерден айланды. Жыйналып алынган түшүм Кайынды кант заводунун Маймак станциясындагы кант кызылчасын алуучу пунктунда чогултулуп, вагондор менен Казакстан аркылуу Кайынды кант заводуна жөнөтүлөт. Азыркы тапта кызылча алуучу пункттун техникалык абалы жакшы. 3-4 жыл мурдагы көйгөйлөрдүн баары жөнгө салынган.

**- Жазгы айдоо иштерине камылгаңыздар кандай?**

- Талас облусу боюнча 2024-жылдын түшүмү үчүн 107 662 га жер аянты бар. Мунун ичинен быйылкы түшүм үчүн күздүк кылкандуу дан эгини 7 746 гектарга эгилди. Негизинен буудайдын аянтын 10 000 гектарга жеткирүү пландалган. Калганын жаздык айдап-себүү менен толуктайбыз деп турабыз. Жазгы айдап-себүүдө негизинен дан, тоют, кант кызылчасы, май өсүмдүктөрүнүн аянттарынын өсүшү күтүлүүдө. 2023-жылы Таласка лизингге жалпысынан жаңы 48 даана айыл-чарба техникасы алынып келинди. Сатылып алынган үрөндөр, ташылып келинип, товардык насыя аркылуу “Айыл Банк” ААКсы тарабынан 4.5% менен буудай, арпанын үрөндөрү 3 жылдык мөөнөткө дыйкандарга берилди. Мындан тышкары, облустун аймагындагы үрөнчүлүк чарбалары арпа-буудайдын үрөндөрүнөн 119,9 тоннаны фермерлерге жардам катары дотация программасынын негизинде таркаткан.

Күйүүчү-майлоочу майлар, минералдык жер семирткичтер менен камсыздоо иштери да жүрүүдө. Жалпысынан, жазга даярдыкты убактысынан кечиктербегенге бардык аракеттер көрүлүүдө.

**- Сиз бул кызматка келгенге чейин укук тармагында, прокуратурада иштеп келгенсиз. Азыр сиз жетекчилик кылган Талас облусунда укуктук абал, жергиликтүү элдин бейпилдиги өзгөчө көз кырыңызда болсо керек...**

- Өлкөбүздүн өнүгүшү жана элибиздин бакубатчылыгы жашоосу үчүн КРнын мыйзамдарынын жана жарандардын укуктарынын сакталышы, калк коопсуздугу, элдин бейпил тынчтыкта жашоосу эң маанилүү. Албетте, облусту жетектөө жоопкерчилиги мойнубузда тургандыктан, Талас облусунун аймагында коопсуздукту жана укуктук тартипти камсыз кылуу боюнча облустук күч түзүмдөрү жана укук коргоо органдарынын иш алпаруусун координациялоо боюнча иш жүргүзөбүз.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

### ОШТО КӨГҮЛТҮР ОТТУН ТАРТЫШТЫГЫ ЖАРАЛДЫ

Ошто көгүлтүр оттун тартыштыгы жаралып, жер үйлөргө чектөө киргизилди. Маалыматты Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев билдирди. Жогорку Кеңештин айрым депутаттары калаада көгүлтүр оттун басымы азайып, тургундар арызданып жатканын айтышты. Төрөбаевдин айтымында, Өзбекстанда көгүлтүр от таңкыстыгы жаралгандыктан Кыргызстанга тийиштүү көлөмдө бере албай жатат. “Учурда жер үйлөрдө көгүлтүр отко чектөө коюп жатабыз, анткени көп кабаттуу үйлөрдү, көгүлтүр от менен жылытуучу имараттарды камсыз кылышыбыз керек. Мындан улам энергетиктерге электр энергиясы боюнча чектөө киргизбегиле деп тапшырма бердик. Бир аз чыдап коюш керек болуп жатат, жер үйлөрдө анча-мынча отун-көмүрү бар”, - деди Төрөбаев.

### КАРАКОЛДО 10 МЛН СОМДУК ЖЕР МАМЛЕКЕТКЕ ӨТТҮ

Караколдо Камчы Көлбаевдин уюшкан кылмыштуу тобу тартып алган баасы 10 миллион сомдук эки гектар жер Каракол мамлекеттик жаратылыш паркынын балансына кайтарылды. Бул тууралуу атайын кызматтан кабарлашты. Билдирмеге караганда, бул жер тилкеси “Каракол” лыжа базасынын жанындагы престиждүү аймакта жайгашкан. “Аталган жер тилкесине туристтик база курууну пландаштырышкан. Бул уюшкан кылмыштуу топко ири суммадагы каражат алып келмек”, — деп жазылат маалыматта. УКМК Көлбаевдин жана анын кылмыштуу тобунун мүлкүн издөө, мамлекетке кайтаруу боюнча иштер уланып жатканын кошумчалады.

### МИГРАЦИЯГА КЕТКЕНДЕРДИН КӨБҮ КАЙСЫ АЙМАККА ТУУРА КЕЛЕТ?

Кыргызстан калкынын 1 млн 94 миңдейи өлкөдө убактылуу жашабайт. Ал эми башка өлкөгө чыгып кеткендердин 27 пайыздан ашууну жумушка жарамдуу жарандар. Бул тууралуу Улуттук статистика комитетинин маалыматында айтылат. Өлкөдө убактылуу жашабагандардын же миграцияда жүргөндөрдүн саны боюнча Баткен, Жалал-Абад жана Талас облустары алдыда турат. Өлкөдө туруктуу жашабагандардын 22 пайыздан көбү Баткенге туура келет. Ал эми бул аймактан миграцияга кеткендердин 42,1% ишке жарамдуу жарандар. Талас менен Жалал-Абаддагы сандар дагы ушуга жакын. Чүй облусунан кеткендер эң аз деп (10%) көрсөтүлгөн. Статком Кыргызстанда туруктуу жашабай жаткан жарандардын себептерин дагы белгилеген. Негизги бөлүгү жумуш издеп башка өлкөлөргө чыгып кетсе, калгандары окууга, үй-бүлөлүк шартка жана башка себептер менен кетишкен.

### КАДАМЖАЙДЫН АКИМИ ӨЗБЕКСТАНДЫК ЖЕТЕКЧИ МЕНЕН ЖОЛУГУШТУ

Кадамжай районунун акими Баяке уулу Болоткан менен Фергана облусунун губернаторунун орун басары Хуршиджон Ахмедов жолугушту. Бизге маалым болгондой, алар Кадамжай району менен Фергана облусундагы туризмди өнүктүрүү, кызматташууну жакшыртуу жана жергиликтүү ишкерлерди колдоо боюнча маселелерди талкуулашты. Кошуна эки элдин карым-катнашын тереңдетүү менен алдыдагы кызматташуу алакаларынын бекемделишин жана кыргыз-өзбек өнүктүрүү фонду аркылуу ишкерлерге колдоо көргөзүүнү жана инвестицияны өнүктүрүүнү макулдашышты.

**Калыгул БЕЙШЕКЕЕВ**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

УЛУТТУК БАНКТЫН ЧЕЧИМИ
www.erkin-too.kg




# ЭСЕПТИК ЧЕН ӨЗГӨРТҮҮСҮЗ КАЛТЫРЫЛДЫ

КЫРГЫЗ БАНКЫ

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2024-жылдын 29-январында эсептик ченди (негизги ченди) 13,00 пайыз деңгээлинде сактап калуу чечимин кабыл алды. Чечим 2024-жылдын 30-январынан тартып күчүнө кирди. Бул тууралуу "Кабар" маалымат агенттигинде болуп өткөн пресс-конференцияда Улуттук банктын расмий өкүлү Аида КАРАБАЕВА билдирди.***

Ал Кыргыз Республикасында инфляциялык процесстердин басаңдоо арымы сакталып тургандыгын белгилөө менен төмөндөгүлөргө токтолду. 2023-жылдын декабрында жылдык инфляция көрсөткүчү 7,3 пайызды, ал эми 2024-жылдын январында (2024-жылдын 19-январына карата абал боюнча) – 5,9 пайызды түздү. Инфляция түзүмүндө азык-түлүк товарлар тобуна баалардын өсүш арымынын жылдык мааниде 2022-жылдын декабрындагы 15,8 пайыздан 2024-жылдын январында 1,9 пайызга чейин туруктуу арымда басаңдагандыгы белгиленген. Ошол эле учурда азык-түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалар кыйла жай арымда басаңдап, айрым товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр түрүнө карата тарифтик саясатты кайра караштыруу боюнча административдик чаралардын таасирин чагылдырган.

Тышкы чөйрөдө орун алып турган шарттар Кыргыз Республикасындагы инфляциялык процесстерге карата негизги факторлор катары сакталып турат жана алардын орун алышы базалык инфляциянын максаттуу деңгээлге кыйла жай арымда кайтып жаткандыгын тастыктоодо. Дүйнөлүк азык-түлүк жана чийки зат рынокторунун баа коньюнктурасы ар тараптуу сакталып турат: азык-түлүккө дүйнөлүк баалар акырындап төмөндөөдө, ал эми глобалдуу мунай жана алтын рынокторунда баалардын өзгөрүп турушу сакталууда. Мындай шарттарда базалык инфляциянын, ошондой эле калктын жана экономикалык субъекттердин инфляциялык күтүүлөрүнүн мындан аркы төмөндөшү 2024-жыл ичинде акча-кредит саясатын иштеп чыгууда жана жүргүзүүдө негизги артыкчылык болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын экономикасында жогору жигердүүлүк сакталып турат, 2023-жыл жыйынтыгы боюнча реалдуу ИДӨнүн өсүш арымы 6,2 пайызды түзгөн, бул кызмат көрсөтүүлөр секторунун жана иштеп чыгаруу өнөр жайынын олуттуу салымынын эсебинен калыптанган. Ички суроо-талап жогору деңгээлде сакталууда, бул керектөө кредиттеринин көлөмүнүн өсүшүнүн, эмгек акылардын жогорулашынын жана акча которуулар агымынын өсүшүнүн натыйжасында шартталган (2023-жылдын 11 айы үчүн алынган маалымат боюнча).

Монетардык саясаттын жүргүзүлүп жаткан багыты калктын жыйым топтоону күчөтүүсүн шарттайт. Коммерциялык банктардын ресурстук базасынын артышы байкалууда. 2023-жыл жыйынтыгы боюнча (алдын ала алынган маалымат боюнча) депозиттик базанын көлөмү 2022-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 27,3 пайызга жогорулап, 431,3 млрд сомго жакынды түзгөн. Мында, банк сектору экономиканы жигердүү кредиттөө ишин улантууда. Кредит портфелинин көлөмү 2023-жылы (алдын ала алынган маалымат боюнча) 26,3 пайызга, 257,8 млрд сомго чейин өскөн. Жалпы алганда, финансы-кредит уюмдарынын ишинин негизги көрсөткүчтөрүнүн туруктуулугу жетиштүү экендигин тастыктоодо, бул банк системасынын туруктуулугун сактоого мүмкүндүк берет. Коммерциялык банктар жетиштүү көлөмдө улуттук валютадагы ликвиддүүлүккө ээ. Ички валюта рыногу салыштырмалуу туруктуу абалда сакталууда.

Тышкы жана ички экономикалык чөйрөнүн өнүгүү шарттарын, ошондой эле дале эки орундуу көрсөткүчтөр деңгээлинде сакталып турган базалык инфляциянын динамикасын эске алуу менен Улуттук банк эсептик чен өлчөмүн 13,00 пайыз деңгээлинде сактоо чечимин кабыл алды. Бул чечим өлкөдө инфляциялык процесстерди мындан ары да басаңдатууга жана инфляцияны орто мөөнөттүү мезгил аралыгында 5-7 пайыз максаттуу маанилер чегинде калтырууга багытталган.

Улуттук банк тышкы чөйрө сыяктуу эле, жергиликтүү экономикада да түптөлүп жаткан жагдайга көз салып турууну улантат. Кандайдыр бир тобокелдиктер орун алган учурда Улуттук банк жүргүзүлүп жаткан монетардык саясатка кошумча түзөтүүлөрдү киргизиши мүмкүн.

КР Улуттук банктын расмий өкүлү Аида Карабаева жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү берген суроолорго жооп берди жана Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселеси боюнча кийинки пландалган отуруму 2024-жылдын 26-февралында өтө тургандыгын айтты.

**Даярдаган**
**Абдимухтар АБИЛОВ**

## 2023-ЖЫЛДЫН 8-СЕНТЯБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЭЛ АРАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ АССОЦИАЦИЯСЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ КАРЖЫЛОО ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ (ЖЫЛУУЛУК МЕНЕН КАМСЫЗДООНУ ЖАКШЫРТУУ ДОЛБООРУН КОШУМЧА КАРЖЫЛОО) РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 27-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

2023-жылдын 8-сентябрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы Каржылоо жөнүндө макулдашуу (Жылуулук менен камсыздоону жакшыртуу долбоорун Кошумча каржылоо) ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылганы тууралуу Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясына кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 30-январы, №30***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ О ФИНАНСИРОВАНИИ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И МЕЖДУНАРОДНОЙ АССОЦИАЦИЕЙ РАЗВИТИЯ (ДОПОЛНИТЕЛЬНОЕ ФИНАНСИРОВАНИЕ ПРОЕКТА УЛУЧШЕНИЯ ТЕПЛОСНАБЖЕНИЯ), ПОДПИСАННОГО 8 СЕНТЯБРЯ 2023 ГОДА В ГОРОДЕ БИШКЕК

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 27 декабря 2023 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение о финансировании между Кыргызской Республикой и Международной ассоциацией развития (Дополнительное финансирование Проекта улучшения теплоснабжения), подписанное 8 сентября 2023 года в городе Бишкек.

**Статья 2**

Министерству финансов Кыргызской Республики уведомить Международную ассоциацию развития о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 30 января 2024 года, №30***

## "КЕРЕМЕТ БАНК" 7 млрд СОМГО САТЫЛАБЫ?

Жогорку Кеңеш "Керемет Банкты" Улуттук банктан Министрлер Кабинетине сатуу жөнүндөгү мыйзам долбоорун талкуулап, биринчи окууда колдоду. Долбоорго ылайык, Министрлер Кабинети «Керемет Банк» ААКнын Улуттук банкка таандык 7 126 432 000 сом өлчөмүндөгү («Керемет Банктын» 100% таза капиталынын 97,45%) акциясын сатып алуусу сунушталууда. Министрлер кабинети тарабынан активди сатып алуу боюнча бүтүм фондулук биржадан тышкары, тактап айтканда, акча каражаттарын Улуттук банктын эсебине түз которуу жана «Керемет Банк» ААКсында баалуу кагаздары бар жеке тараптардын реестрине тиешелүү жазууларды киргизүү жолу менен жүзөгө ашырылмакчы. Ошондой эле, мыйзам долбооруна ылайык Улуттук банктан «Керемет Банк» ААКсынын акцияларынын пакети Министрлер Кабинетине өтүшү менен ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган комиссиялык жыйымдардан жана алымдардан бошотулмакчы.

## ФУТБОЛ СОЮЗУНУН ЖЕТЕКЧИЛИГИНЕ ТАШИЕВ СУНУШТАЛДЫ



Президент Садыр Жапаров "Кабар" маалымат агенттигине маек куруп, Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасы Камчыбек Ташиевге Кыргыз футбол союзунун жетекчиси болуу сунушун бергенин билдирди. Мамлекет башчысы Кыргызстанда акыркы убакта футболго шарттар түзүлүп, ырааттуу каржылоо башталганын кошумчалаганын айтып: "Бирок, дароо эле жыйынтык күткөнүбүз адилетсиз болуп калат. Чындыгында, мурда футболчуларга жакшы көңүл бурулбай келген экен. Каржы маселеси толук чечилбептир. Былтыртан бери каржы маселесин чечип келе жатабыз. Стадиондорду дүйнөлүк стандартка ылайык келтирип, жаңылай баштадык. Быйыл беш миллион доллар акча бөлүп берели деген ниеттебиз. Кыскасын айтсам, жыйынтыгын жок дегенде үч-төрт жылдан кийин күтөлү да. Анын үстүнө Кыргыз футбол союзунун башында катуу көзөмөл кылган бирөө турбаса, жыйынтык чыгышы кыйын. Эң негизгиси, футболчулардын машыгуусуна кылдат көңүл буруш керек. Тартип болуш керек. Аны жакшы билебиз. Ошол үчүн кечээ Камчыбек Кыдыршаевичке: "Кыргыз футбол федерациясынын башына өзүң барчы" деп сунуш кылдым", - деди Президент. Учурда футболду өнүктүрүүгө салым кошкон инсандардын баары бирдей колдогон пикирлери айтылууда.

**Кылычбек КУДАЙБЕРГЕНОВ**

КАРЫНЫН СӨЗҮН КАПКА САЛ

www.erkin-too.kg

Коомдук ишмер
Кемел АШЫРАЛИЕВ:

# “БӨТӨН ЭЛДИ ЭЭРЧИБЕЙ, КЫРГЫЗ НАРКЫ МЕНЕН ЖАШАШЫБЫЗ КЕРЕК”



- Кайсы коом болбосун, кайсы өлкө болбосун ар бир жарандын өз милдети бар. Карысы болобу, жашы болобу өз милдетин так аткарышы зарыл. Мамлекет ошону жолго коюшу шарт. Маселен, мектеп жашындагы балдар келечекте коомго кандай пайда келтирем, кантип өзүмдү алып жүрүшүм керек, кайсы багыттагы билимди алышым керек деп ойлоно башташы керек. Институтту бүткөндөн кийин кесипке ээ болдум, эми мен өлкөгө кантип жардам берем, кантип элге кызмат кылам деп, эң алды мамлекет менен элди ойлонууга тийиш. Жүрө-жүрө кызматка көтөрүлгөндө, мага тапшырылган соң милдетимди так аткарайын, иштин өтөөсүнөн чыгайын деп турушу керек. Жаш муундун ар бири ушундай ойлонушуна мамлекет көмөктөшүшү зарыл. Иште ылдыйдан өйдө карай чоңойсо, жеңил болот. Анан аким, губернатор, министр, депутат болуп, бактысы ачылса премьер-министр жана президент болуп өлкө башкарат. Мындай бактыга чанда гана киши жетет, бул чоң сыймык. Ошонун өзү эле ченемсиз байлык, чоң бакыт. Кудай буюруп, элдин тагдырын чече турган кызматка келип калдым, айлыгы жакшы экен, отурган жерим, минген машинем бар экен деп, билек түрүнө иштеп беришиң керек. Анан байышым керек десең, сен мекенчил болбой каласың. Андай адам кыргыз эмес, элдин чыккынчысы деген тарбияны балдарыбыздын кулагына куюшубуз керек. Ар бирин эмгекчилдикке үйрөтүп, илим, курулуш, бизнес, спорт, өнөр, айтор кайсы тармак болбосун күн-түн дебей иштеп, маңдай терин төккөн тарбияны жолго коюшубуз шарт. Ким болбосун өзүнө тагылган кызматты так аткарып, иштин майын чыгарса, ошондо атуулдук милдетин аткарат деген идеологиялык тарбияны ишке ашыруу зарыл. Ошондо эмгекчил, мээнеткеч, таза коом түзүлөт. Негизи, эл үчүн иштеп, ишенимди так аткарып, жаманатты болбогон кишилер сүйлөшү керек. Муну айтканым, артынан сөз ээрчип, жаман сөз ээрчигендердин баары оозун жабышы керек. Сүйлөш үчүн таза болушу кажет.

## АКСАКАЛ ДЕГЕН АТКА ТАТЫКТУУ БОЛОЛУ

- Карылыкка жетиш чоң бакыт. Бул жашоонун бүт баары кыймылда, өмүр бат эле өтүп кетет. Жашоо токтобойт. Табийгат өзү күз, кыш, жаз, жай болуп өзгөрүп турат. Жакшы карыйм деген адам жаш кезден таза жүрүшү керек. Эгер сен жаш кезден булганбай, элдин байлыгына кол салбай, өз ишиңди так аткарсаң бактылуу карылыкка жетесиң. Жакшы карылыкка жеткен чоң бакыт. Айлана-чөйрөң бул киши таза, эмгекчил адам, искусствону да, спортту да мыкты өздөштүргөн, кыргыздын наркын сактап, ар дайым элге даңазалап жүрөт, кыргыз тарыхы менен санжырасын терең билет, улуттук тамак-ашты кадырлап сүйөт, ат оюндарын да бирден тизмектеп бере алат, айтор бул киши билбеген эч нерсе жок деген карылыкка жетиш чоң бакыт. Эгер сен жаш кезден бузулуп алсаң, жүрүш-турушуңдан, ачкөздүгүңдөн, кызыл кекиртегиңден же сөзүңдөн мүдүрүлүп алсаң, жакшы карылыкка жетпейсиң. Элде кадырың жок болгон соң, сен эч ким эмессиң. Анан карыдым деп бурчка тыгылып, үйүңдөн чыкпай жашынып, кемпириңден башка менен сүйлөшпөй калганың – ал сенин тирүүлөй өлгөнүң. Андай карылыктын барынан жогу. Карыганда сен жатып алсаң карылык огобетер басат. Үйдө жатып албай эмгек кылышың керек. Жок дегенде небере-чөбөрөңө нускалуу кебиңди айтып, аталык кызматты аткарышың абзел. Аларды бала бакча, мектепке жетелеп барып, жолдо акылыңды айтып, түрдүү кружокторго катыштырып, үй-бүлөңө пайдаңды тийгизбесең, сен кыргыздын эмес, үй-бүлөңдүн карысы боло албайсың. Анан кээ бир аксакалдар дүнүйөгө, бийликке кызыгып, сүйлөп койгон учурлар бар. Алардын кылык-жоругунан улам “дежур аксакал” экен, “аксакал эмей эле акшакал экен” деп ат коюлуп калып жатат. Өзүнүн жүрүшү менен алар жакшы аксакалдарды жаманатты кылып коюшууда. Мына ошондой карылар жалпы аксакалдарды булгап жатат. Ошондой аксакалдар бизде бар, алардын кээ бирлери азыр туура эмес сыйга татып, чоң сыйлыктарды алып жатышат. Экинин бири болуп жүрүп, жакшы иштебей, өлкөнү талкалаганын элдин баары билет. Ошондойлор электен өтүп кетип, сыйлуу болгону – бүткүл адамзаттык адепке гана эмес, кыргыздын наркына да төп келбей турат. Мына ушундан эл арасында нааразычылык болот.

## АКСАКАЛДАР КЕҢЕШИН ТҮЗҮҮ ЗАРЫЛ

- Укмуштай болгон нарктуу адамдар, ардактоого татыктуу болгон аксакалдар бар. Алар азыр айылда, алыскы шаарларда калды. Союз маалында чабан болуп жүрсө да өз милдетин ушунчалык так аткарып, бул элдин малы, буга кыянаттык кылбай багайын, көбүрөөк эт, көбүрөөк сүт берейин, ичип-жебей өкмөткө пайда келтирейин деп карылыкка жеткендер бар. Мугалим, мектептин директору болуп, таң атпай балдарды тарбиялап, алыска ат минип барып баланды жөнөт деп жанталашып жүрүп нечен окумуштууну чыгарган агартуучулар бар. Тубаса акылман, көрөгөч, көсөм инсандар бар. Алар алыста калып, эмгеги элге таанылбай калып жатат. Ошолорду алып келип, теледен сүйлөтүп, акыл-эсин пайдаланышыбыз керек. Ушул жаатта менде бир ой бар. Республикада жакшынакай аксакалдар кеңешин түзүшүбүз керек. Мына казактардын түзгөнү мага аябай жагат. Аларда аксакалдардын борбордук кеңеши, аксакалдардын алтын сөздөрүн ала турган кеңеши, андан сырткары, акыл кеңеши деген ар бир облустун өзүнчө кеңештери бар. Райондордун аксакалдары жыл ичинде эки ирет чогулуп, кайда баратабыз, баланча жерде туура эмес иштер болуп жатыптыр, бөлүнүү-жарылуу болуп жатыптыр, салт-санааны мындай кылалы, мынабул маселени президентке барып айталы деп кеңеш курушат. Бизде да ошондой түзүлүшү зарыл.

## МАМЛЕКЕТ ҮЙ-БҮЛӨДӨН КУРАЛАТ

- Азыр үй-бүлөгө көңүл бурулушу керек. Анткени, ар бир үй-бүлөдөн жалпы мамлекет куралат. Сен үй-бүлөңдү мыкты тарбияласаң коом таза болот. Бул чоң идеология. Мисалы, азыр салют аттырган укмуштай тойлор өтүп жатат, ошолорду эки, үч жылдан кийин карасаң, үчтөн бири ажырашып жатат. Кыргызда ажырашуу деген өтө уят иш болгон. Мурда ажырашуу деген болгон эмес. Ажырашкан адамдарды чакан мамлекетти талкалаган адамдай карап жектеген. Себеби, үй-бүлө ажырашканда балдар жетим калат. Ажырашкан үй-бүлө оңою менен кайра калыбына келбейт. Өмүр бою жашоо – бул чоң байлык. Үйлөнгөн бойдон ажырашпай 50, 60 жыл жашагандар бар. Окуу жайды бүтүп 23 жашында үйлөнсө, 83кө чыкканда 60 жыл болот экен. Алар чогуу түтүн булаткан 60 жылдык өмүрүндө үч муунду – баласын, небересин, чөбөрөсүн тарбиялайт. Ушундай үй-бүлөнү мамлекет ардактаса, кыргыз наркына ылайык иш кылынмак. 60 жыл бирге жашаптыр, мынча урпагын тарбиялаптыр, ушундан үлгү алыш керек деген сөз айтылышы керек. Керек болсо пенсиясына кошуп бериш керек. Негизи, бизде 60 жыл бирге жашагандар саналуу эле. Биздеги үй-бүлөнүн 0,01 пайызын да түзбөйт. Атургай, 50 жыл бирге жашагандар да аз. Мамлекет жыл сайын бир учурда чогултуп, ошолорду сүйлөтүп, ажырашуунун алдын алыш үчүн жаш муунду тарбиялаш керек. Жаман жүргөн киши эч качан байбичеси менен 60 жыл жашай албайт. Жанагы “эки жакшы баш кошпойт” деп жатпайбы, ошол чанда болот. Аны үлгү кылыш керек. Аларга өкмөт жеңилдик берсе да болот. Жок дегенде автобус, троллейбуста бекер жүрсүн деп. Же “алтын үй-бүлө” деген сындуу орден чыгаруу зарыл. Мамлекеттик катчы ушуну менен алек болуп, ушундай демилгелерди да ишке ашырышы шарт. Үлгүлүү үй-бүлөлөр ордени менен көчөдө же троллейбуста кетип жатканда эл суктанып, алтын үй-бүлө турбайбы деп караса, анын тарбиясы чоң, жакшылыгы көп болот. Пенсиясын эки эсеге көбөйтүп берсе, үй-бүлөнү сактоо стимулу жаралат. Эң башкысы кыргыздын наркын көтөргөн болобуз. “Карынын сөзүн капка сал”, “карысы бардын ырысы бар” деп жөн эле какшай бербей, ардактай турган нерселерди көтөрүүгө мезгил жетти. Кудайдын батасы тийген кишилер өмүр бою чогуу жашап, узак өмүр сүрөт. Колго суу куйганда дагы аксакалдар “алганың менен тең карып, көп жаша” деп бата берет. Аксакалдардын батасы тийген киши, Кудайдын сүйкүмдүү адамы гана ушундай карылыкка жетет. Ошондой кишилерди өкмөт сыйлабаса, кыргыз эли кадырлабаса, мыкты үй-бүлө калыптанбайт.

**Зулпукаар САПАНОВ**

## БУДАПЕШТТЕ КЫРГЫЗ МУЗЫКАСЫ ЖАҢЫРДЫ

Кыргызстандын Венгриядагы элчилигинде “Руханий мурас – Мезгил байланышы” аттуу концерт коюлду. Аталган концерт Кыргызстандын Тышкы иштер министрлигинин түзүлгөндүгүнүн 80 жылдыгына арналды. Иш-чара КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин көмөгү менен уюштурулду. Музыкант, мультиинструменталист, композитор, КР эл артисти Н.Ышановдун жана Абдылас Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын алдыңкы солисттери КР эл артисти Б.Ыбыкеев, КР эмгек сиңирген артисти З.Райымбекова, КР эмгек сиңирген артисти А.Момунова, КР эмгек сиңирген артисти А.Саралаев, КР эмгек сиңирген артисти Т.Найманбаев жана концертмейстер Н.Токтобекованын өнөрлөрү тартууланды. Ошондой эле "Бугу эне жөнүндө уламыш" аталышы менен Ч.Т.Айтматовдун “Ак кеме” повестинин негизинде КР дизайнерлер союзунун мүчөсү, КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер Г.Акматованын костюмдарынын коллекциясы көрсөтүлдү. Концерттин расмий бөлүгүндө элчи Талантбек Кушчубеков куттуктоо сөзүндө Кыргызстандын дипломатиялык кызматы быйыл 80 жылдык маарекесин белгилеп жатканын, бул иш-чаранын өзгөчөлүгү – Кыргызстандын Венгриядагы элчилигинин жаңы имаратында биринчилерден болуп өткөрүлүп жатканын, мындай иш-чараларды өткөрүү кабыл алган өлкөлөрдө элдик маданиятты сактоого, жайылтууга, анын руханий дөөлөттөрүн өсүп келе жаткан муунга жеткирүүгө жакшы өбөлгө түзөрүн айтып өттү. Иш-чаранын меймандары Венгрияда жашаган мекендештер, маданият ишмерлери жана мажар чыгармачыл интеллигенциясынын өкүлдөрү болушту. Долбоорду Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын директору Н.Рахмадиева жана «Устатшакирт плюс» коомдук фондунун аткаруучу директору Н.Бараканова уюштурган.




## ЖАҢЫ КИТЕПТЕР МЕНЕН КАМСЫЗДАЛАТ

“Маданият, искусство жана спорт чөйрөсүн мамлекеттик колдоонун кечиктирилгис чаралары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын негизинде, Министрликке караштуу жогорку, орто кесиптик билим берүү мекемелерине, балдар музыкалык жана искусство мектептерине, мектепке чейинки билим берүү мекемелерине зарыл болгон окуу-усулдук колдонмолор жана китептер жарык көрдү. Балдар музыкалык, искусство мектептери, жогорку, орто музыкалык окуу жайлары үчүн төмөнкү 9 автордун окуу куралдары, китептери Министрликтин каржылоосу менен “Улуу Тоолор” басмасынан басылып чыкты. Жарык көргөн окуу куралдарынын айрымдарын атай кетсек, “Дастанчы” коомдук фонду тарабынан демилгеленген, Самат Көчөрбаев түзгөн “Улуу мурас” аттуу улуттук баалуулуктарды түбөлүккө сактоого арналган айтыштар, жоктоолор, арноолор, терме-санат, насыят, казалдар жана көлөмдүү ашыктык, арман ырларынан турган чыгармаларды камтыган жыйнагы 1000 нуска менен жарык көрдү. Турдубек Чокиевдин “Кыргыз обондорунун антологиясы” аттуу кыргыз композиторлорунун жана обончуларынын бир кылым мезгил ичиндеги элге кеңири белгилүү ырларынын ноталуу жыйнагы 1000 нускада, Аваз Сырымбетовдун “Бакен Кыдыкеева” аттуу залкар актриса Бакен Кыдыкееванын чыгармачылык жолун, изденүү, образ жаратуу процессин так даана чагылдырган эмгеги 500 нускада, Асан Кайбылда уулунун “Кыргыз Күүлөрү” аттуу кыргыз музыкасынын башаты жана туу чокусу болгон, нечен кылымдардын жана доорлордун тарыхын, маданиятын кыл кайрыктарга сактап келген комуз күүлөрүнүн тарых-таржымалы иликтенип, баяндалган 2 томдук китеби 1000 нускада жарык көрдү. Белгилей кетсек, Маданият жана искусство жаатындагы жогорку, орто кесиптик окуу жайларына, балдар музыкалык жана искусство мектептерине, мектепке чейинки билим берүү мекемелерине китепкана фондусун кеңейтүүгө, тиешелүү окуу-усулдук колдонмолор менен камсыз кылууга багытталган бул саамалык эгемендүүлүк жылдарында Министрлик тарабынан мамлекеттин каржылык колдоосунун алкагында алгач ирет уюштурулду.

**Датка ТЕМИРОВА**

ЭРКИН-ТОО
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

ДАРЫГЕРДЕН МАЕК
www.erkin-too.kg

## КЫРГЫЗСТАНДА 50 АДАМГА БӨЙРӨК АЛМАШТЫРУУ ОПЕРАЦИЯСЫ АКЫСЫЗ ЖАСАЛАТ



Кыргызстанда биринчи жолу ушул жылдын 1-февралында бөйрөк алмаштыруу боюнча акысыз операция жасалды. 22 жаштагы бейтаптын бөйрөгүн алмаштыруу үчүн Эне жана баланы коргоо улуттук борборунда дарыгерлер төрт саат бою тынымсыз адам өмүрү менен алпурушкан. Донордун бөйрөгүн алуу операциясы эки саатка, органды бейтапка көчүрүү дагы эки саатка созулган. Операцияда алгач донордун бөйрөгү алынып, кийин ал орган бейтапка салынды. Операцияны үч хирург, бир анестезиолог, эки анестезист медайым жана эки хирургиялык медайымдан турган эки медициналык бригада жасаган деп билдиришти Саламаттык сактоо министрлиги. Орган которуу операциясына Саламаттык сактоо министри Алымкадыр Бейшеналиев да катышкан.

"Бейтаптардын операциядан кийинки абалы туруктуу. Алар эки-үч күн реанимация бөлүмүнүн дарыгерлеринин көзөмөлүндө болушат. Андан кийин алар ден соолугун калыбына келтирүү үчүн трансплантология бөлүмүнө которулат", - деп айтылат маалыматта.

Ал эми учурда республика боюнча бөйрөк оорусунун өтүшүп кеткенинен жабыркаган 2654 адам мамлекеттик программа аркылуу гемодиализ алып жатат. Гемодиализ үчүн 2024-жылга мамлекеттик бюджеттен 2 млрд 400 млн сом бөлүнгөн. Гемодиализге жана операцияга муктаж болгон кыргызстандыктардын көйгөйүн мүмкүн болушунча жеңилдетүү аракети менен Министрлер Кабинети гемодиализ алып жүргөн 50 кыргызстандыктын бөйрөгүн акысыз алмаштыруу үчүн каражат бөлгөн. Акысыз операция жасала турган жарандарды тандай турган комиссия түзүлгөн. Бул тууралуу Саламаттык сактоо министрлиги билдирди.

## ДАРЫГЕРЛЕРДИН АЙЛЫГЫН КӨТӨРҮҮ СУНУШУ АЙТЫЛДЫ

КММАнын тиш дарылоо борборундагы үч жашар кыздын өлүмү боюнча иш козголуп жаткан тиш доктур айлыктын жоктугунан эки жерде иштеген. Бул тууралуу ЖКнын депутаты Кундузбек Сулайманов 1-февралда өткөн парламент жыйынында билдирди. Ал дарыгерлердин айлыгын жогорулатуу керек деп эсептейт. «Мен тик учак кырсыгынан жабыркагандарга да бардым, ал жерде да айлыктын аздыгына даттанган дарыгерлердин кайрылуусу болгон. Бөлүм башчысынын айлыгы араң гана 18 миң сом. Алгач алардын маянасын көтөрүп, анан талаптарды коюшубуз керек», - деди ал өз сөзүндө.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

**Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун директору Шайирбек СУЛАЙМАНОВ:**

# “Ден соолукка аң – сезим менен мамиле кылганды үйрөнсөк”

**- Шайирбек Алибаевич, сиз жетекчилик кылган борбор дээрлик балдардын ден соолугуна кам көрөт. Бул багытта балдардын саламаттыгына түзүлгөн шарттар тууралуу сурагым келип жатат, бүгүн балдарды кабыл алуу, дарылоо жолдору кандай жолго коюлган?**

- Эне жана баланы коргоо улуттук борбору уюшулгандан тартып эле Кыргыз Республикасындагы эненин жана баланын ден соолугун коргоо көйгөйлөрү боюнча жетектөөчү мекеменин функциялары жүктөлгөн. Акыркы жылдары бул борбор республиканын эң ири илимий, уюштуруу, методикалык дарылоо жана консультациялык мекемелеринин бирине айланды. Бизде балдар медицинасынын бардык тармактары бар, бөлүмдөр иш алып барат. Тагыраагы, өлкө боюнча бардык оорулар боюнча дарылоо, кеп-кеңеш берилет. Жылына болжолдуу 33 000ден ашуун бала борбордо дарыланышат. 130 миңден ашуун бейтапка кеңештер айтылат. Жалпы 1300 кызматкер эмгектенсе, анын ичинен 300 дарыгер, 600 медайым жана башка санитардык, техникалык кызматкерлер иштейт. Бул борбордо бейтаптарды дарылоого дээрлик шарттар бар, сапаттуу тейлөө биздин милдет.



**- Аны менен катар эле бул ооруканада гемодиализ алуу үчүн бейтаптар келишет Бөйрөк органын трансплантация да ишке ашып келет, бул багыттагы иштериңиздер кандай?**

- Биздин борбордун хирургия бөлүмүндө жылына ар түрдүү оорулардын кесепетинин аркасында 15 миңдин айланасында хирургиялык операциялар жасалат. Жакында Президент Садыр Жапаров органдарды трансплантациялоо бөлүгүнө өзгөртүүлөр кирген мыйзамга кол койду. Мурда эң жакын тууганы гана органын бере алса, жаңы мыйзамга ылайык, чоң ата – чоң энесине чейин донор болууга уруксат берилет. Биздин борбордо бөйрөк алмаштыруу операциясы 2018-жылдан бери жүргүзүлүп келет. Буга чейин 44 операция жасалган.

**- Биздин мамлекетте бөйрөк алмаштыруунун баасы кандай?**

- Учурда 105 жаран бөйрөгүн трансплантация жасатуу үчүн кезекте турат. Негизи бир бейтаптын бөйрөгүн алмаштыруу баасы 620 миң сомду түзөт.

**- Ал эми акыркы кездери балдар кайсы оорулар менен көбүрөөк кайрылып жатышат?**

- Бир ооруга басым жасап, көп деп айтууга негиз жок. Анткени бизге бардык оорулар боюнча бейтаптар кайрылышат. Мезгилдик вирустук инфекцияларды айтсак болот, бирок, эпидемия эмес. Ага карабастан алдын алуу, түшүндүрүү иштери колго алынган. Ал эми коронавирус дээрлик катардагы вирустардай эле өтүп жатат десек болот. Сасык тумоо, ОРВИнин түрлөрү кездешет. Мезгилдик эмдөөлөрдү алуу маанилүү. Жарандар жергиликтүү поликлиникаларга кайрылып күз, кыш мезгилдеринде сасык тумоого каршы эмдөөнү алуусун үндөйт элем. Ал эми балдар арасында кызамыкка каршы эмдөөдөн өтүү да зарыл. Ар бир адам өз ден соолугуна аң- сезим, түшүнүү менен мамиле кылсак эле жакшы болот эле. Коронавирус жалпы адамзатка гигиеналык эрежелерди сактоону калптандырды, эрежелерди сактоо да дарттын алдын алат.



**- Өткөн жумада ооруканын карамагында перинаталдык жаңы оорукана ачылды, ага алкачкы бейтаптарды кабыл ала баштадыңыздарбы?**

- Бишкектеги Тоголок Молдо көчөсүндөгү перинаталдык борборубузда акушердик жана гинекология, неонатология, педиатрия, балдар хирургиясы, онкология жаатындагы адистештирилген медициналык жардам көрсөтүүчү 3 деңгээлдеги дартты аныктоочу оорукана ачылды. Бул оорукана кыргыз-герман эки өлкө өкмөттөрүнүн ортосундагы долбоордун алкагында ишке ашты. Февраль айынан тарта бейтаптар кабыл алына баштайт. Экстрагениталдык дарттары бар бейтаптарга басым жасалат. Тагыраагы, өнөкөт оорулары, гепатит, жүрөк, нерв жана башка дарттары бар, кеч кош бойлуулукту дарылоо, кош бойлуу мезгилинде коштолгон дарттары барлар, өмүрүнө кооптуулук жараткан жагдайлары барлар дарыланышат.

**- Бейтаптарды кароону жакшыртуу үчүн дагы кандай иштер ишке ашат?**

- Санариптик системаны толук ишке киргизүү иштери уланууда. Учурда бейтаптардын стационар, амбулатордук карталары киргизилди. Дарыгерлерибиз бул жаатта иштерди аткарууда. Буга кошумча компьютерлерди орнотуу керек. Аны менен катар Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун кошумча курулушу бүтпөй турган имараты бар. Ал жерди демөөрчүлөрдүн жардамы менен бүтүрүү, нефрология, эндокринология бөлүмдөрүн, гемодиализ борборун жаңы имаратка көчүрүү, гемодиализ аппаратын жаңылоо иштерин колго алабыз. Жыл ичинде бөйрөк жана боорду алмаштыруу боюнча иштерди алдыга жылдыруу башкы планыбызда. Бул үчүн атайын дарыгерлер бригадасын окутуп даярдоо жана атайын жаңы жабдуулар менен камсыздоо иштери турат. Жалпысынан медицинада мамлекеттик аптекаларды ачуу, мамлекеттик жалпы медициналык мекемелерге дарыдармектерди заводдон чыккан жерден түз камсыздоо, жеткирүү иштери башталды. Ошондой эле жакында Талас менен Ошто перинаталдык борборлор ачылганы турат. Бул өңдүү кадамдар министрибиз Алымкадыр Савирдиновичтин, Министрлер Кабинетинин колдоосу менен ишке ашууда.

**- Акыркы айларда Бишкек ооруканаларында эки жаш баланын өлүмү, дагы бир эгиз уулдарды көз жарып бирок эне өзү көз жумган учурлар орун алды. Мындай учурлар кайталанбашы үчүн бейтап, жалпы эле дарыгерлер эмне кылышы керек деп ойлойсуз?**

- Мындай окуялар негизи адам үчүн чоң трагедия. Анын алдын алуу үчүн бар аракетти ата-эне, дарыгер да көрүшү керек. Дүйнөлүк окумуштуулар адамдын ден соолугу жашоо турмушунан, кулк мүнөзүнөн түздөн-түз байланыштуу экенин айтып келишет. Адамдын саламаттыгына айлана-чөйрө, жаратылыш, жашаган жери 20% таасир берсе, 20%ы тукум куучу оорулар, ал эми 10 пайызы дарыгерден көз каранды делет. Андыктан ден соолукту дарыгерге таяган деңгээлде карабашыбыз зарыл. Аракет кылсаң, жардам кылсаң, анан ден соолук болот. Ар бир бейтап өзү үчүн кам көрүшү керек. Алдын ала текшерүүдөн өтүп туруу зарыл. Дарылангaнга караганда алдын алуу жакшыраак. Дары берсем жакшы болуп кетээр деп баланы өз алдынча үйдө кармап отуруу да кооптуурак. Жоопкерчиликтүү мамиле абзел.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

УЛУУ МУРАС
www.erkin-too.kg

# БИЗ БИЛГЕН ЖАНА БИЛБЕГЕН АЙТМАТОВ








***Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун 95 жылдыгына карата "Адам түбөлүктүүлүгү эс тутумда" деген китепти жарыкка чыгарды. Бул китепти жазуучунун бир тууган карындашы Роза АЙТМАТОВА жана жазуучунун жээни Асан АХМАТОВдор жазышкан. Китептин бет ачарына белгилүү акын-жазуучулар, окумуштуулар, маданият ишмерлери, Кыргызпатенттин кызматкерлери, авторлор келишти. Айтматовдун чыгармалары, жашап өткөн өмүр жолу тууралуу жазылбай, айтылбай калган дагы эмнелер болушу мүмкүн? Бир карасаң баары эле небак изилденип жазылгандай сезилет. Көрсө, бар экен. Ага дал ушул китеп эң сонун мисал боло алат. Бул китепте жазуучунун окурмандарга, коомчулукка али белгисиз бойдон келе жаткан бала кездеги, турмуштагы ар кандай окуялары тууралуу кызыктуу баяндар кирген. Китеп диалог иретинде жазылган.***



Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин директору **Рахат Керимбаева** буларга токтолду:

- Бул китеп "Манас эпосунун үчилтиги жана Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылык мурасын ар тараптан иликтөө боюнча чаралар жөнүндө" Президенттин жарлыгынын негизинде ишке ашып олтурат. Бул китеп кыргыз тилинде 500 жана расмий тилде 500 болуп 1000 нускада жарык көрдү. Китептер борбор шаардагы жана жер-жерлердеги китепканаларга жана республикадагы бардык айыл өкмөттөрүнө жеткирилет.



Китептин баш сөзүн жазган саясий илимдердин доктору, профессор **Жолборс Жоробеков** китептин Айтматов тууралуу буга чейин жазылып келген китептерден, даректүү баяндардан болгон айырмачылыгы, өзгөчөлүгү тууралуу сөз кылды:

- Айтматовдун феномени, анын өмүр баяны, басып өткөн жолу, чыгармачылыгы, жазуучу жараткан образдар жүздөгөн, а балким, миңдеген жылдар бою изилденет. Анткени, анын каармандары кандай доор болбосун, адамды ойлонтот, санаага салат, сезимдер дүйнөсүн уйгу-туйгу кылат. Бул китепте Айтматов-прозаиктин чыгармачылыгы же анын китептери жөнүндө сөз болбойт. Мында жазуучунун бир тууган карындаштары Розетта Айтматова жана Люция Айтматованын уулу, жазуучунун жээни Асан Ахматов Чыңгыз Төрөкулович тууралуу, анын жашоосун аны менен кошо жашаган эң жакын адамдары гана билиши мүмкүн болгон белгисиз жактары жөнүндө эскерүүлөрү менен бөлүшөт. Бардык баяндалган окуялар өтө тар чөйрөдө, үй-бүлө ичинде гана болгон. Бул китеп дал ошонусу менен айырмаланат.

Роза Айтматова улуу жазуучунун көзү өткөндөн кийин Айтматовго байланыштуу өткөн бардык иш-чараларга, кала берсе чет өлкөлөрдө болгон жыйындарга да активдүү катышып келет. Ошол үчүн элдин эжеге болгон урмат-сыйы да өзгөчө. Анан да эженин үнү, кыймыл-аракети, кебете-келбети агасына аябай окшош:

- Биз төрт бир тууганбыз. Ошолордун балдарынын ичинен Люция эжемдин Асан аттуу баласы Чыңгызга өзгөчө жакын болуп эр жетти - деп сөз баштады Роза Айтматова. - Ал бир күнү мага келди да алдыма үн жазгычты коюп, Чыңгыз жөнүндө ар түрдүү суроолорду бере баштады. Бул китеп диалог түрүндө жазылды. Асандын суроолоруна жооп берип жаткан кезде Чыңгызга байланыштуу үй-бүлөдө, жакын туугандар арасында болгон бир топ окуялар эсиме түштү. Биздин үй-бүлөнүн жакшы бир салты бар эле. Алыс-жакында жүргөн туугандардын баары чогулуп маал-маалы менен дасторкон четинде жолугушуп, өз ара пикир алышып, сүйлөшүп турар элек. Ошондой кечелердин биринде Ильгиз акемин жубайы Розалия Жээнчороева кесибине байланыштуу Кыргызстандын тоолорундагы кен байлыктар тууралуу кеп кыла баштады. Ошол жылдары, менимче 1963-1964-жылдар болсо керек эле, биринчи жолу Чыңгыздын оозунан "экология" деген сөздү уктум. Ал сөздү биз эмес, Фрунзедеги аттуу-баштуу интеллигенция өкүлдөрү деле уга элек, биле элек мезгил болчу. Розалиянын сөзүн кунт коюп угуп олтурган Чыңгыз "Роза, сен ошол табылган кен байлыктарды мына бул жерде жатат деп картага белгилебей эле койчу. Кенди казганда жердин кыртышы, суусу, экология бузулат. Ал турсун аба да бүлүнөт. Анын эмне кереги бар. Андан көрө жаткан жеринде жата берсин. Адамдарга, жан-жаныбарларга зыяны тиет" деди. Дагы бир окуяны айтып берейин. Чыңгыз 3-класста окуп жүргөн кезинде окуучуларды пионерге кабыл алып калат. Чыңгызга кезек келгенде пионер вожатый эжейи "Чыңгыз, биз сени пионерлердин катарына кабыл ала албайбыз. Анткени, сенин атаң..." дегенде эле Чыңгыз класстан атып чуркап чыгат. Андан аркы сөз кандай уланарын ал жедеп билип бүткөн. Чыңгыз балдар топ ойноочу аянтка чыгат да ыйлап жүрө берет. Анан ал мектептин жанындагы сайга барат. Ал жерде майда булактар көп болчу. Чыңгыз ошол шылдырап аккан булактарга, кооз гүлдөргө, чөптөргө суктанып карап олтуруп, баягы өпкөсү казандай болгон таарынычын унутуп, үйүнө келет. Кийин эр жетип жазуучу болгондо ошол булак тууралуу "Ботокөз булак" деген аңгеме жазды. Үчүнчү класстын окуучусу үчүн бул аябагандай чоң басынтуу, кордук эмеспи. Чыңгыз 14 жашынан тартып айылдык сельсоветте катчы болуп иштеди. Көрсө, биздин атабыз Төрөкул да 1920-жылы 16 жаш курагында ошол эле Чыңгыз иштеген сельсоветте секретарь болуп иштеген экен. Айтайын дегеним, атасы менен баласы өспүрүм кездеринде өзүнүн айылына, элине кызмат кылышкан".

Ушул китептин жаралышына түздөн-түз себепкер болгон Асан Ахматов деген жазуучунун жээни бар. Анын эскерүүлөрү ар бир адамдын өзөк-жүлүнүн аралап өтүп, бирде кайгыга салса, бирде жашоого, өмүргө болгон үмүттүн шооласын жандырат:

"Өзүм көркөм чыгарма жазам деп эч качан ойлобоптурмун. Азыр Чыңгыз Айтматовго арналган "Эркектер ыйлаганда" деген алгачкы повестимдин пайда болушуна эмне себеп болгонун ойлоп олтуруп (мен анда кырк жашта элем), каны-жаны бир, жакын адамымды жоготкондо бул мага чоң түрткү болгонун түшүндүм. Чыңгыз Төрөкуловичтин карындашы Люциянын уулу, жазуучунун жээндеринин эң кичүүсү болгондуктан, жашоодо да ага баарынан жакын болдум. Ал чет өлкөдө элчилик кызматын алгач СССРдин Люксембургдагы элчиси, андан кийин Кыргызстандын Бенилюкс өлкөлөрүндөгү элчиси кызматын аркалап жүргөндө далай жолу аны тосуп алып, узатып калдым. Бирок, ошол каргашалуу 2008-жылы мен "Манас" аэропортунан анын сөөгү салынган табытты – Германиядан учуп келе жаткан жүк-200дү күтүп жаттым... Бул мага өз ата-энемди жоготкондой чоң трагедия болчу. Күнү бүгүнкүдөй эсимде... Самолеттор учуп чыкчу тилкенин четинде туруп, үнсүз ыйлап жаттым. Асманда анын сөөгүн алып келе жаткан самолет кара чекит болуп көрүндү. Көз жашым тумчуктуруп көмөкөйүмдү темир даамданган ачуу кесек бууду... Жаным ачыганына чыдабай турдум. Чымчыктар да мени менен кошулуп ыйлап жаткандай туюлду. Мен эң жакшы көргөн, эң жакын, ушундай ишенимдүү адамым эми жок экенине ишене албай турдум..."

Китептин бет ачарында белгилүү обончу Сыймык Бейшекеев Чыңгыз Айтматовдун сөзүнө жазылган "Махабат дастаны" деген ырын сыбызгыта ырдап берди. Ал эми Кундуз Камчыбек кызы "Найман эненин" монологун бабына келтире аткарды.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

***Урматтуу жаш калемгерлер!***

*Кыргызпатент узак жылдардан бери акын-жазуучуларды ар тараптан колдоого алып келет. Базар мамилеси жаңыдан турмушубузга кирген токсонунчу жылдары өнөр адамдарына, акын-жазуучуларга аябай оор болгондугун баарыбыз билебиз. Союз жоюлуп кеткенден кийин калемгерлер ара талаада калгандай эле болгон. Баштагыдай китептерин бекер чыгарып, калем акы берген заман жоголуп, акын-жазуучулар карайлап айласын таппай калган. Дал ошондой кыйын мезгилде биринчилерден болуп Кыргызпатент жардамга келди. Адегенде бирин-экин жазуучулардын китептерин чыгарды. Жыл өткөн сайын Кыргызпатенттин мүмкүнчүлүгү, арышы кеңейип, эми алар ар бир жанр, жаш курагы боюнча да китептерди чыгара баштады. Кыргызпатент уюштуруп жаткан мына бул сынак жаш калемгерлерге арналган. Арийне, сынактан эң татыктуулары, таланттуулары жеңип чыгат. Кыргызпатенттин сынагы ар дайым калыс, адилет өтөт. Ага мен өзүм катышып көрүп күбө болдум. Аларда биз жедеп көнүп калган кыргызчылык, өң тааныштык илдети жок. Анда жаш калемгерлер сынакка катышып, дареметиңерди, талантыңарды сынап көргүлө.*

## Сиздер үчүн "7 жаш автор" адабий сынагы!

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги (Кыргызпатент) жаш калемгерлердин арасында "7 жаш автор" республикалык адабий сынагын жарыялайт.***

**Сынактын максаты** – жаш авторлордун китебин чыгарып берүү жана коомчулукка жайылтуу, чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү, мыкты чыгармаларды аныктоо болуп эсептелет.

**Конкурстун багыты** – проза, поэзия, драматургия.

**Чыгармаларды кабыл алуунун шарттары:**

- чыгармалар мамлекеттик жана расмий тилде кабыл алынат;
- конкурска эч жерде жарык көрбөгөн чыгармалар гана катыштырылат;
- чыгармалар компьютерде 14-шрифт, саптардын аралыгы – 1 интервал, Times New Roman арибинде терилип, 250 беттен ашпоого тийиш;
- кыскача өмүр баяны, сүрөтү, учурда иштеген (окуган) жери жана дареги жазылуусу керек;
- конкурстун жыйынтыгында 7 жеңүүчүнүн чыгармалары Уюштуруучулар тарабынан басылып чыгарылат;
- конкурска жиберилген чыгармалар рецензияланбайт жана кайтарылып берилбейт.

Материалдарды **2024-жылдын 1-февралынан 3-майга чейин gosfond.patent@patent.kg** электрондук дарегине жөнөтүп же **Бишкек шаары, Москва көчөсү, 62 үй** дарегине **саат 09:00 – 18:00гө чейин** тапшырсаңыздар болот.

**Толук маалыматты www.patent.kg, http://fund.patent.kg/ сайтынан таба аласыздар.**

**Сурап-билүү үчүн байланыш телефондор: (0312) 68-04-71, (0700) 84-83-29**

## СОТТОЛГОН АДАМДАРДЫ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОШУЛУУСУ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 20-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

1983-жылдын 21-мартында Страсбургда кабыл алынган Соттолгон адамдарды өткөрүп берүү жөнүндө конвенцияга кошулсун.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Конвенцияга Кыргыз Республикасынын кошулуусу жөнүндө грамотаны депозитарий болуп саналган Европа Кеңешинин Башкы катчысына депонирлесин.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 30-январы, №28***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ПРИСОЕДИНЕНИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ К КОНВЕНЦИИ О ПЕРЕДАЧЕ ОСУЖДЕННЫХ ЛИЦ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 20 декабря 2023 года*

**Статья 1**

Присоединиться к Конвенции о передаче осужденных лиц, принятой в Страсбурге 21 марта 1983 года.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики депонировать грамоту о присоединении Кыргызской Республики к вышеуказанной Конвенции депозитарию, которым является Генеральный секретарь Совета Европы.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 30 января 2024 года, №28***

## 1948-ЖЫЛДЫН 6-МАРТЫНДА ЖЕНЕВАДА КАБЫЛ АЛЫНГАН ЭЛ АРАЛЫК ДЕҢИЗ УЮМУ ЖӨНҮНДӨ КОНВЕНЦИЯГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОШУЛУУСУ (КАБЫЛ АЛЫНЫШЫ) ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 27-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

1948-жылдын 6-мартында Женевада кабыл алынган Эл аралык деңиз уюму жөнүндө конвенцияга кошулсун (кабыл алсын).

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги БУУнун Башкы катчысы болуп саналган депозитарийге 1948-жылдын 6-мартында Женевада кабыл алынган Эл аралык деңиз уюму жөнүндө конвенцияга Кыргыз Республикасынын кошулгандыгы (кабыл алгандыгы) жөнүндө грамотаны Конвенциянын талаптарына ылайык депонирлесин.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 30-январы, №29***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ПРИСОЕДИНЕНИИ (ПРИНЯТИИ) КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ К КОНВЕНЦИИ О МЕЖДУНАРОДНОЙ МОРСКОЙ ОРГАНИЗАЦИИ, ПРИНЯТОЙ В ЖЕНЕВЕ 6 МАРТА 1948 ГОДА

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 27 декабря 2023 года*

**Статья 1**

Присоединиться (принять) к Конвенции о Международной морской организации, принятой в Женеве 6 марта 1948 года.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики в соответствии с требованиями Конвенции депонировать грамоту о присоединении (принятии) Кыргызской Республики к Конвенции о Международной морской организации, принятой в Женеве 6 марта 1948 года, депозитарию, которым является Генеральный секретарь ООН.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 30 января 2024 года, №29***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК КООПСУЗДУК МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИНИН ГЕНЕРАЛ-ЛЕЙТЕНАНТ А.К.БАКАЕВ АТЫНДАГЫ АКАДЕМИЯСЫН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Улуттук коопсуздук органдары үчүн жогорку квалификациялуу адистерди, башкаруу жана илимий-педагогикалык кадрларды көп деңгээлдүү даярдоонун бирдиктүү системасын түзүү, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу маселелери боюнча илимий-изилдөө базасын кеңейтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин генерал-лейтенант А.К. Бакаев атындагы Кесиптик кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун базасында Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин генерал-лейтенант А.К. Бакаев атындагы академиясы түзүлсүн.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети ушул Жарлыктан келип чыгуучу зарыл болгон чараларды көрсүн.

**3.** Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети белгиленген тартипте:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин генерал-лейтенант А.К. Бакаев атындагы академиясын юстиция органдарында мамлекеттик каттоону жүргүзсүн;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин генерал-лейтенант А.К. Бакаев атындагы академиясынын уставын бекитсин;
- ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**4.** Ушул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 30-январы, ПЖ №11***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 5-АВГУСТУНДАГЫ №272 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ОБЛУСТАРДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ӨКҮЛДӨРҮНҮН РЕЗЕРВДИК ФОНДДОРУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Натыйжалуу мамлекеттик башкарууну камсыз кылуу, облустарда мамлекеттик саясатты ишке ашыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин координациялоо максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 25-беренесине ылайык **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 5-августундагы №272 "Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн резервдик фонддору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн резервдик фонддору жөнүндө жободо:

- 7-пункт төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи - тогузунчу абзацтар менен толукталсын:

"- облустук, республикалык олимпиадаларда байгелүү орундарга ээ болгон мектеп окуучуларына, артыкчылык аттестат алуу укугун тастыкталган бүтүрүүчүлөргө, жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча алтын сертификаттын ээлерине жана белгиленген окуучулардын мугалимдерине билим берүү чөйрөсүндө жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктери үчүн финансылык колдоо көрсөтүүгө;

- облустун масштабында юбилейлик жана майрамдык иш-чараларды өткөрүүгө;
- республикалык жана облустук маанидеги коомдук-маданий иш-чараларга катышууга.".

**2.** Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумуш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 30-январы, ПЖ №12***

## АРАККА БААЛАРДЫ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛУУНУ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Этил спиртин өндүрүүгө, импорттоого, сактоого жана сатып өткөрүүгө мамлекеттик монополия жана алкоголдук продукцияны өндүрүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 11-бөлүгүн ишке ашыруу, ошондой эле алкоголдук продукция рыногунун бардык субъекттеринин бизнес жүргүзүүсү үчүн бирдей шарттарды камсыз кылуу, рынокту легалдаштыруунун эсебинен мамлекеттик бюджетке салыктык төлөмдөрдүн түшүүсүн көбөйтүү, сапатсыз алкоголдук продукцияны керектөөнү азайтуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 91-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн аракка минималдуу дүң-сатуу баасы жана Кыргыз Республикасынын аймагында сатылуучу аракка минималдуу чекене баа 2024-жылдын 1-январынан тартып төмөнкүдөй өлчөмдөрдө белгиленсин:

| Минималдуу баалардын түрү | Даяр продукциянын 0,5 литри үчүн баа, сом менен |
|---|---|
| Дүң-сатуу | 156 |
| Чекене | 158 |

**2.** Ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн аракка минималдуу баалар аракты сатуу үчүн, анын ичинде жарнамалык акцияларды, маркетингдик жана башка иш-чараларды жүргүзүүдө, сый акыларды төлөөдө (анын ичинде сатып алуучу товар жүгүртүүнүн белгилүү бир деңгээлине жеткенде) минималдуу баалар болуп саналат.

**3.** Башка сыйымдуулуктагы керектөө идишине куюлган аракты дүң жана чекене сатууда минималдуу дүң-сатуу жана чекене баалар тиешелүү түрдө даяр продукциянын 0,5 литри үчүн белгиленген минималдуу баага пропорционалдуу эсептелет.

**4.** Аракка белгиленген минималдуу дүң-сатуу жана чекене баалардын сакталышын контролдоо этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтылган продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу органга жүктөлсүн.

**5.** Алкоголдук продукцияны өндүрүүчү ишканаларга фирмалык соода түйүндөрүн ачуу мүмкүнчүлүгүн карап сунушталсын.

**6.** Этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтылган продукцияны өндүрүүнү жана жүгүртүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу орган арак рыногундагы кырдаалга мониторинг жүргүзсүн жана зарыл болгон учурда фискалдык саясат чөйрөсүндөгү мамлекеттик орган менен биргеликте аракка минималдык баалардын деңгээлин кайра карап чыгуу боюнча сунуштарды белгиленген тартипте киргизсин.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**8.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-январы, №35***

ЭЛЕТТЕ ЭМНЕ КЕП?
www.erkin-too.kg

### Сокулук районуна караштуу Крупская атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Жеңишбек ЭДИГЕЕВ:

# “ӨНДҮРҮШТҮ ӨНҮКТҮ
# ШАРТ ТҮЗҮЛҮҮДӨ

Чүй облусундагы Сокулук районуна караштуу Крупская атындагы айыл өкмөтү эл абдан көп жайгашкан аймактын сабын толуктайт. Өнөр жай, айыл чарбасы, курулуш тармактары – айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги багыттары болуп эсептелет. Тейлөө жана башка тармактарды өнүктүрүү үчүн дагы аракеттер күчүндө.
Крупская атындагы айыл аймагы 1980-жылы негизделген. Курамы 4 айыл: Сокулук айылынын бөлүгү, Арал жана Алыскы Арал, 1-Май айылдарынан куралган. 10дон ашуун улуттун өкүлдөрүнөн 18 200 адам жашаган 4140 кожолук түтүн бар. Айыл аймагында 3 орто, 1 толук эмес мектеп, 1 лицей-колледж, 2 ФАП, 1 ҮБДТ, 1 аймактык ооруkана, 24 өндүрүш мекемелери бар. Андан тышкары 1 музыкалык мектеп, 2 бала бакча, 1 маданият үйү, 2 спорт комплекси,1 китепкана, 5 мечит, 1 чиркөө жайгашкан.
Аймакта 866 дыйкан жана фермердик чарба, 1 айыл чарба азыктарын өндүргөн жамааттык чарба ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет.
Крупская атындагы айыл өкмөттүн башчысы Эдигеев Жеңишбек Кубанычбекович бул аймакты бир топ жылдан бери жетектеп келе жатат. Жеңишбек мырза менен жыл башында болгон баарлашуубузда айыл аймакта бараандуу аракеттер менен жаралып жаткан ийгиликтер тууралуу сөз болду.



## АЙМАКТА ИЙГИЛИКТЕР АРБЫН

- Крупская атындагы айыл аймагы үчүн өткөн жыл жемиштүү жылдардан болду. Айыл өкмөтүнүн администрациясынын эң башкы максаты – план-тапшырмаларды аткарып, жергиликтүү бюджетти көтөрүү. 2017-жылы мен адеп иштеп баштаган жылы план-тапшырма 40 млн сом болчу. 2023-жылдын башында бюджетти 78 млн сом менен бекиттик эле жыл соңунда план-тапшырмабызды 103 млн сомго аткарып, чоң ийгиликтерди жараттык. Мындай саамалыктардын жаралышына албетте, кужурмөн элибиздин, мекеме-ишканалардын салымы чоң. Акыркы жылдарда Президентибиздин, Министрлер Кабинетинин элет жеринин өнүгүшү үчүн ар тараптуу колдоосу өз натыйжасын берип жатат. Ушул жерде өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе, биз көбүнчө ашар ыкмасы менен социалдык обьекттерди калыбына келтирип, ондоо-түздөө иштерин жүргүзүүнү колго алдык. Айыл өкмөттүн бюджетинен жалаң эле материалдарды алабыз дагы ыктыярдуу азаматтарыбыздын жардамы менен иштерди бүтүрөбүз.

Анан дагы ички жана тышкы инвестицияны тартуунун эсебинен бир топ долбоорлорду бүтүрүүгө жетишип жатабыз. Алсак, 700 млн сом сумасындагы ички жана сырткы инвестиция айыл аймакты жакшыртуу үчүн жумшалды. Ар кандай социалдык обьектилер ачылып, 285 жумушчу оруну түзүлдү. Бул иштер активдүү улантылмакчы.

Жергиликтүү калк негизинен аймактагы өндүрүш тармактарында иштегендиктен, Крупская атындагы айыл аймагынын жетекчилиги карамагындагы айылдардын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнө жана социалдык инфраструктурасын жакшыртуу максатында бир топ иш-чараларды жасап жатат. Ал аракеттердин натыйжасында айылдык аймак: инфраструктурасы, өндүрүшү алдыга жылган, жогорку квалификацияланган адистери бар, айылдары таза суу менен, билим берүү тармагы кесипкөй кадрлар, окуу китептери жана бардык зарыл болгон жабдыктар менен камсыз болгон, саламаттыкты сактоо тармагы элге сапаттуу кызмат көрсөткөн, бардык курактагы элдердин эс алуусуна ыңгайлуу шарттары бар айыл аймактардын катарын толуктаган, өнүгүүнүн жолундагы айыл аймакка айланууда.

Андан тышкары жолдордун абалына дыкат мамиле жасап, капиталдык ондоого катуу көңүл бөлүүдө.Коммуналдык жактан тейлеген мекеме калкка сапаттуу кызмат кылууда. “Таза айыл” муниципалдык ишканасы аймакты таштанды калдыктарынан арылтуу менен элге кызмат көрсөтүүдө.

## ТАЗА СУУ – ДЕН СООЛУКТУН ӨБӨЛГӨСҮ

- Айыл аймагынын калкынын саламаттыгын сактоо, ден соолугуна кам көрүү максатында, тургундарды ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу эң маанилүү маселелердин бири болуп саналат. Ошондуктан, инвесторлордун жана кайрымдуулук фонддорунун жардамы менен бир топ долбоорлор ишке ашырылууда. Маселен, таза суу менен камсыз кылуу максатында Араб фонддору менен бирге Арал айылында 2 жерде скважина орнотулду. Сокулук айылында элдин жардамы менен дагы бир скважина даяр болду. Бул багытта чечиле элек маселелер акырындык менен чечилип жатат. Сокулук айыл тургундарын таза суу менен Сокулук айыл өкмөтүнө караштуу “Таза-Суу” муниципалдык ишканасы, 1-Май айылынын тургундарын ичүүчү суу менен Сай-Булак СООППВсы камсыз кылууда. Учурда калктын 87 пайызы ичүүчү суу менен камсыз болушкан.

## ЗАМАНБАП БИЛИМ БЕРҮҮ – УЧУРДУН ТАЛАБЫ

- Жаштарга заманбап билим берүү – учурдун талабы. Ушундан улам ар жылы айыл өкмөтүн жетекчилиги мектептерди утурумдук оңдоо иштеринен өткөрүп, керектүү жабдыктар менен камсыз кылып турат. Айыл аймагынын карамагында 4390 окуучу окуган, 230 мугалим эмгектенген 4 жалпы билим берүү орто мектеп балдарга таалим-тарбия берип келет. Ошондой эле учурда 409 бала тарбияланып жаткан, 39 тарбиячы эмгектенген 2 бала бакча, 100 студент билим алган №114 кесиптик лицей иштеп жатат.

Элет жеринде жылдан-жылга балдардын саны көбөйүп бараткандыктан, мамлекеттик мекемелердин бирин 350 орундуу бала бакчага айландыруу каралууда. Ал жакка керектелине турган каражаттын теңи жергиликтүү бюджеттен, теңи АРИС программасы аркылуу каржыланмакчы. Бул бала бакча жылдын орто ченинде бөбөктөргө кучагын ачмакчы. Айыл жеринде билим берүүнүн сапатын арттыруу, мугалимдерге ар тараптан жардам берүү айыл өкмөтүнүн негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

## КАЙРЫМДУУЛУК

- Айыл өкмөтүнүн администрациясы жыл башынан эле калктын колдоого муктаж болгон жарандарынын тизмесин аныктап,









# РҮҮГӨ
# ө”

мамлекеттик колдоо көрсөтүү максатында тиешелүү мамлекеттик уюмдарга жиберет. Айыл аймагында 162 үй-бүлөгө жакыр жашаган үй-бүлөнүн социалдык паспорту ачылып, анын ичинен 81 үй-бүлөдө тарбияланып жаткан 229 балага мамлекеттен 1200 сом өлчөмүндө "Үй-бүлөгө көмөк" программасынын алкагында жөлөк пул берилүүдө. Ошону менен катар жардамга муктаж үй-бүлөлөргө кайрымдуулук фонддорунан жана жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүнүп, азыктүлүктөн жана материалдык жактан жардамдар көрсөтүлүүдө.

Андан башка Ооган согушунда каза болгон жоокерлердин, 7-апрель элдик революциясында каза болгон катышуучулардын үй-бүлөлөрүн моралдык жана материалдык жактан колдоо максатында жыл сайын каржы жагынан жардамдар берилип, көмүр алууга акчалай колдоо көрсөтүлүп, майрамдарда белектер уюштурулуп турат.

8-Март Аялдардын эл аралык майрамына карата айыл аймагынын социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнө салымын кошкон жана бөлөк адамдын жардамына муктаж ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген майып балдарын караган 210 аялзатына белектер уюштурулуп, майрамдык маанай тартуулоо жыл сайын салтка айланган.

Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин урматына көзү өтүп кеткен ардагерлердин жесирлерин куттуктоо үчүн азыктүлүктөр курамы жана ар бирине акчалай колдоолор көрсөтүлүп турат.

1-июнь "Балдарды коргоо" күнүнө карата айыл аймактагы ата-энесинен жок тоголок жетим жана ата-энесинин бирөөнөн ажыраган жарым жетим 139 балага 1000 сомдон материалдык колдоо көрсөтүлүп, айыл аймагы боюнча жаш бөбөктөргө 5000 балмуздак, ар кандай оюнчуктар таратылды. Балдар ойноочу аянтчалар жаңыртылып, кээ бир жерлерде оңдоп-түздөө, сырдоо иштери жүргүзүлдү.

Ата-энесинен ажырап калган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга, ошондой эле "Балдар биздин келечек" аттуу майып балдарга кам көргөн жана ата-энелерин калыбына келтирүү борборунда каттоодо турган балдарга жаңы жылдык балаты жана таттуулардан белек уюштурулду.

Үй бүлөлүк зордук-зомбулукту, балдарга болгон ырайымсыз мамилени болтурбоо жана алдын алуу максатында айыл башчылары, көчөкомитеттери менен биргеликте иш-чаралар уюштурулуп турат.



Социалдык-эмгек реабилитациялык борборунун ачылышында

Айыл өкмөтүндө КР Президенти С. Жапаровдун "Инсандын рухий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыктарын турмушка ашыруу максатында "Мен жана Мекен" аттуу майрамдык маанидеги кароо-сынагы болуп өттү.

## БИРИНЧИ БАЙЛЫК – ДЕН СООЛУК

- Калктын саламаттыгына кам көрүү, аларга тиешелүү шарттарды түзүү багытында айыл аймагында атайын иш-чаралар иштелип чыккан. Ушундан улам, кайрымдуулук фонддору жана ишкерлер менен кызматташып, ушул тармакка колдоо көрсөтүү жаатында натыйжалуу иштер колго алынууда. Сокулук райондук ооруканасы биздин айыл өкмөттүн карамагында. Андан башка Араб туугандардын жардамы менен жугуштуу оорулардын дарылай турган жаңы оорукана ачылып, иштей баштады. Бул оорукана саламаттыкты сактоо жаатында заманбап үлгүдөгү мыкты мекеме болгондугун айтып жатышат. Андан сырткары жеке менчик бейтапканалар ачылып, көз, тиш, жүрөк, ички органдарды дарылай турган мекемелер пайда болууда.

Ошондой эле 1-Май айылында түзүлгөн Ден соолук комитети атайын долбоор менен иштеп чыгып, айыл тургундары арасында ар кандай оорулардын алдын алуу боюнча иш жүргүзүүдө. Айыл аймагында медицина түйүндөрүнүн кызматкерлери, көчө комитеттери менен биргеликте эл арасында (кызматкерлер арасында) коронавирус оорусуна каршы вакцина алуу боюнча иш-чараларды алып барышууда.

Анан дагы ден соолуктун чыңболушуна тургундарыбыздын табияттa эс алуусу, спорт менен машыгуусу маанилүү эмеспи. Ошондуктан, ушул багытка көп көңүл бөлүнүп келет. Биздин спортчулар райондук, облустук ар кандай мелдештерге катышып: футбол, волейбол, күрөш, көк бөрү оюндарынан байгелүү орундарга ээ болуп жүрүшөт. Жаш спортсмендердин эл аралык спорттук мелдештерге чыгуусуна жана спорттук формаларды сатып алуусуна жергиликтүү бюджеттен акча каралып, бөлүнүп берилип турат. Мындан тышкары Биринчи Май жана Сокулук айылдарында спорт комплекстеринин курулуштары жүрүүдө. Бул курулуштар негизинен Ашар ыкмасы менен жүргүзүлүүдө. Үстү жабылып, тегереги тосулган футбол аянтча жакында ачылат. Мындай иш-чаралар улана бермекчи.

## МАЛ ЧАРБАЧЫЛЫГЫ - КИРЕШЕЛҮҮ ТАРМАК

- Аймак эли акыркы жылдары короолорун малга толтуруп, бакубат жашоого зор аракеттерди жасап жатат. Канчалык мал көбөйгөн сайын ошончолук түйшүк артып, жаңыча умтулуулар күч алууда. Айыл аймагы боюнча 916 ири мүйүздүү малдын башы аныкталып (идентификация), бирдиктүү базага киргизилди. Мал чарбачылыгы айыл аймагынын киреше берүүчү тармагы десек болот. Ушундан улам, элдин малы илдетке чалдыкпашы үчүн ветеринардык кызматкерлер менен бирге түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, алдын ала чараларды көрүп келебиз.

Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын "Жаныбарларды идентификациялоо жана көзөмөлдөө системасында" жок жана "Санарип аймак" автоматташтырылган маалыматтык тутумуна киргизилбеген мал жандык чарба китебинин негизинде жазылып, жарандын мүйүздүү мал жандыгы бар болсо, ал тууралуу маалымат кат "Санарип аймак" автоматташтырылган маалыматтык тутуму аркылуу гана берилүүдө. Айыл аймагындагы мал өз убагында эмделип, эпизоотиялык кырдаалга катуу көзөмөл жүргүзүлүүдө.

Көптөгөн жылдардан бери көйгөй жаратып, чечилбей келген маселе бар болчу. Сокулук айылынын Фрунзе-Белинский көчөсүндө жайгашкан Байыш мал базары санитардык талаптарга жооп бербей, тургундарга экологиялык жактан зыян келтиргендиги үчүн, калктуу конуш жайгашкан жерден алыс жайдан 8 га жер тилкеси бөлүнүп берилди. Тиешелүү мекемелерден бардык кагаздар даярдалып, райондук жер комиссиясынын корутундусунун негизинде райондук администрациясынын мал базарды которууга жерди трансформациялоо тескемеси даярдалып, курулуштун капсуласы куюлуп, курулуш иштери аяктоо алдында турат.

## ЭЛЕТ ЭЛИНЕ ЫҢГАЙЛУУ ШАРТТАР ТҮЗҮЛҮҮДӨ

- Айыл аймагынын тургундарынын жашоо-шарты ыңгайлуу болушу үчүн колдон келген шарттарды түзүп берип жатабыз. Көчөлөрдүн бардыгы жарыктандырылган. Тагыраагы күн батареялары менен көчө жарыктарын орноттук. Алар электр жарыгын 7-8 саатка берип турат.

Андан башка санитардык тазалоо, аймакты көрктөндүрүү жана жашылдандыруу үчүн демөөрчүлөр тарабынан Алыскы Арал жана 1-Май айылдарына 250 даана верба, павлония, кара өрүк бак-дарактары отургузулду.

Кыргыз Республикасынын Президентинин "Тоо экосистемаларын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы деп жарыялоо жөнүндө" жарлыгына ылайык "Жашыл Мурас" деген ишчаранын алкагында айыл аймагындагы көчөттөрдү отургузуу иштери жүргүзүлдү. Айылдардагы ички трубаларды оңдоо иштери жүрүп, асбест түтүктөрү алынып коюлду.

Арал жана 1-Май айылындагы водозабордун айланасы тосулду. Айыл аймагында 6 жерге балдар аянтчалары орнотулду. Айыл чарба өсүмдүктөрүн сугаруу үчүн Р-16 каналындагы суу чыгаруучу жерге капиталдык оңдоо жана гидротехникалык курулуштарды орнотуу иштери жүргүзүлдү.

Өзүңүздөргө маалым, жай мезгилинде сугат суунун тартыштыгы жаралат. Биз аны үнөмдүү пайдалануу максатында Биринчи Май айылынын эли менен бирге, Ашар жолу менен айдоо талааларына лотокторду куюп жатабыз. Бул ишти кеч күздө баштадык эле, азыр 250 метр аралыктагы 1 куб суу бата турган лоток арык даяр болуп калды. Мурун тээ суунун башынан жиберген суунун жарымынан азы тиги аягына чейин араң жетчү эле. Сугат сууну үнөмдөө максатында эл-журттун жардамы менен жасалып жаткан иштин акыбети кайтаарына ишенич чоң. Бул иш аягына чыкканга чейин уланта бермекчи.

**Чүй облусундагы эң мыкты аракеттери, жараткан ийгиликтери менен эл оозуна алынып, таанылган айыл өкмөт башчысы Жеңишбек Эдигеев учурда чоң максаттарына жетүү аракеттери менен алек. Ал жетектеген Крупская атындагы айыл аймагында азыр жаңы чектерге, бийиктиктерге умтулган арбын иштер болуп жатат. Албетте анын бардыгы тынбай, талбай изденүүлөрдүн натыйжасы.**

**Раиса ДҮЙШӨНБЕКОВА**






Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## МАМЛЕКЕТТИК ТУРАК ЖАЙ САЯСАТЫ ЧӨЙРӨСҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫ ҮЧҮН ТУРАК ЖАЙ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ КУРУУ МЕХАНИЗМДЕРИН АНДАН АРЫ ӨРКҮНДӨТҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

### ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын “Менин үйүм 2021–2026” турак жай программасын ишке ашыруунун алкагында Кыргыз Республикасында турак жай куруунун көлөмүн көбөйтүүгө, анын наркын төмөндөтүүгө, турак жайды каржылоо, ипотекалык кредит берүү шарттарын жакшыртууга жана өз алдынча турак жай шарттарын жакшыртууга жөндөмдүү жарандардын санын көбөйтүүгө багытталган комплекстүү чаралар көрүлүүдө.

Турак жай курууга багытталган мамлекеттик жана муниципалдык жерлерди пайдалануу боюнча бирдиктүү саясаттын, ошондой эле өлкөнүн чегинен тышкары эмгектик ишти жүзөгө ашырып жаткан жарандар жана Кыргыз Республикасынын башка жарандары үчүн турак жай курулушун үлүштүк каржылоонун мамлекеттик механизминин жоктугу мамлекеттик турак жай саясаты чөйрөсүнүн учурдагы абалынын проблемалары болуп саналат.

Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын балансында курулуш үчүн жер участоктору бар, алар бюджеттик каражаттардын чектелгендигине, ошондой эле турак жай курулушуна жарандардын каражаттарын тартуунун мамлекеттик механизминин жоктугуна байланыштуу курула элек.

Өлкөнүн чегинен тышкары эмгектик ишти жүзөгө ашырып жаткан жарандардын көпчүлүгү жана Кыргыз Республикасынын башка жарандары турак жай курулушуна финансылык каражат бөлүү жолу менен өз мекенинен кыймылсыз мүлк сатып алууга ниеттенүүдө. Мындай жарандарга мамлекеттин колдоо көрсөтүүсү жана аларды пайдалуу экономикалык шарттар, укуктук жана социалдык кепилдиктер менен камсыздоосу зарыл.

Мамлекеттик турак жай программаларынын алкагында турак жай курулушун үлүштүк каржылоо механизмдерин өркүндөтүү, мамлекеттик жана муниципалдык жерлерди натыйжалуу бөлүштүрүү, пайдалануу, өлкөнүн турак жай фондун көбөйтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бир айлык мөөнөттө:

- “Мамлекеттик ипотекалык компания” ачык акционердик коомуна кийин өткөрүп берүү менен аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган жер участокторунун тизмесин аныктасын;

- “Мамлекеттик ипотекалык компания” ачык акционердик коомуна ушул пунктта көрсөтүлгөн тизмеге ылайык жер участокторун мөөнөтсүз пайдаланууга (мөөнөттөрүн көрсөтпөстөн) өткөрүп берсин;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 21-ноябрындагы №614 “Көп батирлүү үйлөрдү жана кыймылсыз мүлктүн башка объекттерин курууга жеке же юридикалык жактардын финансылык каражаттарын тартуунун тартиби жана шарттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна турак жай программасынын алкагында турак жай курулушуна жарандардын финансылык каражаттарын тартуунун атайын шарттарын белгилөө бөлүгүндө өзгөртүү киргизсин;

- өлкөнүн чегинен тышкары эмгектик ишти жүзөгө ашырып жаткан жарандар жана Кыргыз Республикасынын башка жарандары үчүн турак жай курулушун үлүштүк каржылоо механизмин иштеп чыксын жана киргизсин;

- ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

**2.** Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**3**. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 30-январы, ПЖ №10***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2015-ЖЫЛДЫН 3-ДЕКАБРЫНДАГЫ №829 “АТАЙЫН ЖАНА ВЕДОМСТВОЛУК ФОРМА КИЙИМИН КИЙҮҮНҮ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы №317 “Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрү жөнүндө” токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызмат жөнүндө жобонун 16-пунктуна, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 3-декабрындагы №829 “Атайын жана ведомстволук форма кийимин кийүүнү тартипке келтирүү жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кызматкерлери атайын жана ведомстволук форма кийимин кийүүгө укуктуу болгон мамлекеттик органдардын тизмегинде:

- “Ведомстволук форма кийими” главасы төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызмат.”.

**2.** Бул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызмат тарабынан салынуучу айыптардан түшкөн каражаттардын эсебинен (13%) жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

**3**. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 31-январы, №38***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ОЮН-ЗООК ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ТОКТОМДОРУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Оюн-зоок иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарды натыйжалуу ишке ашыруу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1**. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №257 “Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин кээ бир маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматы жөнүндө жободо:

- 1-пунктта “жана онлайн-казино, электрондук (виртуалдык) казино бөлүгүндө Кыргыз Республикасында оюн-зоок ишин жөнгө салуу” деген сөздөр алып салынсын;

- 10-пунктта:

1-пунктчанын жыйырманчы абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;

2-пунктчанын алтынчы абзацында “жана онлайн-казино, электрондук (виртуалдык) казино бөлүгүндө Кыргыз Республикасында оюн-зоок ишин жөнгө салуу” деген сөздөр алып салынсын;

- 12-пункттун 15-пунктчасында “, онлайн-казино, электрондук (виртуалдык) казино бөлүгүндө Кыргыз Республикасында оюн-зоок иши” деген сөздөр алып салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 “Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы жөнүндө жободо:

- 3-пункттун экинчи абзацында “оюн-зоок” деген сөздөр “оюн-зоок, анын ичинде онлайн-казино, электрондук (виртуалдык) казино” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 13-пункттун 2-пунктчасынын он үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“- оюн-зоок бизнесинин, анын ичинде онлайн-казинонун, электрондук (виртуалдык) казинонун бардык субъекттери үчүн оюндун эрежелерине карата минималдуу талаптарды белгилейт, ошондой эле кумар оюндарын жана онлайн кумар оюндарын уюштуруу жана өткөрүү эрежелерин макулдашат;».

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №440 “Кыргыз Республикасында оюн-зоок иштери чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“2. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы Кыргыз Республикасында оюн-зоок ишин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп аныкталсын.”;

2) 5-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында оюн-зоок ишин мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө жободо:

- 75-пунктта “Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу Байланыш тармагында жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча кызматынын” деген сөздөр “Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматынын” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 82-пункттун 8, 9-пунктчаларында түрдүү жөндөмөлөрдөгү “Байланыш кызматы” деген сөздөр тийиштүү жөндөмөлөрдө “Финкөзөмөл” деген сөзгө алмаштырылсын;

- 87, 88-пункттарында “Байланыш кызматына” деген сөздөр “Финкөзөмөлгө” деген сөзгө алмаштырылсын;

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасында оюн-зоок ишин лицензиялоо жөнүндө жободо:

- 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“3. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы (мындан ары – Финкөзөмөл) иштин төмөнкүдөй түрлөрү үчүн лицензияларды берүүчү оюн-зоок иши жаатында лицензиар болуп саналат:

1) казино;
2) тотализатор;
3) букмекердик кеңсе;
4) оюн-зоок автоматтар залы;
5) онлайн-казино;
6) электрондук (виртуалдык) казино.”;

- 7-пункттун 3-пунктчасында “лицензиарларга” деген сөз “лицензиарга” деген сөзгө алмаштырылсын;

- 24-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“24. Финкөзөмөл лицензиялоону кагаз жүзүндө жана электрондук форматта жүзөгө ашырган иштин түрлөрү боюнча реестрди жүргүзөт. Реестр лицензиардын расмий сайтында милдеттүү түрдө жайгаштырылууга тийиш жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жетүү чектелген маалыматтарды кошпогондо, анда камтылган маалыматтар менен кызыкдар адамдарды тааныштыруу үчүн ачык жана жеткиликтүү болуп саналат. Реестрде төмөнкүдөй маалыматтар көрсөтүлөт:”;

- 9-главанын аталышында “Лицензиарлардын” деген сөз “Лицензиардын” деген сөзгө алмаштырылсын;

- 25-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“25. Лицензиар төмөнкүдөй ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат:”;

- 26-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“26. Лицензиаттын лицензиялык талаптарды сактоосун контролдоо лицензиар тарабынан өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде жүзөгө ашырылат. Лицензиар өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде төмөнкүлөргө укуктуу:”;

5) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Оюн-зоок ишинин субъекттери тарабынан отчет берүүнүн жана маалыматты ачыкка чыгаруунун тартиби жөнүндө жободо:

- 1-пунктта “жана байланыш тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга (мындан ары - Байланыш кызматы), бирге айтылганда тиешелүү түрдө ыйгарым укуктуу органдарга” деген сөздөр алып салынсын;

- 4, 5-пункттарда “Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар” деген сөздөр “Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 7-пунктта “ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга”, “ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар” деген сөздөр тиешелүү түрдө “ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга”, “ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 8-пунктта “жана Байланыш кызматына” деген сөздөр алып салынсын.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 30-январы, №36***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2020-ЖЫЛДЫН 30-ОКТЯБРЫНДАГЫ №527 “АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН, ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН, УЮМДАРДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫК КОРГОНУУ ЖААТЫНДАГЫ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДЫН ОРТОСУНДА ЖАРАНДЫК КОРГОНУУ ЖААТЫНДАГЫ МААЛЫМАТТЫ ТОПТОО ЖАНА АЛМАШУУ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу максатында, “Жарандык коргонуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын $7^1$-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 30-октябрындагы №527 “Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, уюмдардын жана Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ортосунда Жарандык коргонуу жаатындагы маалыматты топтоо жана алмашуу тартиби жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, уюмдардын жана Жарандык коргонуу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ортосунда Жарандык коргонуу жаатындагы маалыматты топтоо жана алмашуу тартибинде:

- 2, 14-пункттарда “Өкмөтүнүн” деген сөз “Президентинин” деген сөзгө алмаштырылсын;

- 10-пунктта:

биринчи абзацта “Өкмөтүнүн” деген сөз “Президентинин” деген сөзгө алмаштырылсын;

экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Маалыматты топтоо жана алмашуу ушул Тартиптин тиркемесине ылайык Жарандык коргонуу жаатындагы маалыматтарды топтоо жана алмашуу схемасы боюнча жүзөгө ашырылат.”;

- жогоруда аталган Тартиптин тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 31-январы, №39***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борбору деп кайра аталсын.

**2**. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Окуу-изилдөө борбору жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №262 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-пункттун 10-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жөнүндө жободо:

- 11-пунктта:

1-пунктчанын он экинчи абзацындагы “мамлекеттик” деген сөз алып салынсын;

2-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

“- жарандык коргонуу, калкты жана аймактарды табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргоо жаатында Кыргыз Республикасына ташып киргизилүүчү товарлардын максаттуу багытын ырастоо тууралуу корутунду берет;

- өрттү аныктоонун жана өчүрүүнүн автоматтык системаларынын кабарлоосуна мониторинг жүргүзөт;”;

3) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

4) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Өзгөчө кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо департаменти жөнүндө жободо:

- 4-пункттун экинчи абзацындагы “күтүүгө” деген сөз “камсыздоого” деген сөзгө алмаштырылсын;

- 5, 6-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“5. Департаменттин толук аталышы:

- мамлекеттик тилде: “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Өзгөчө кырдаалдарга мониторинг жүргүзүү, божомолдоо департаменти”;

- расмий тилде: “Департамент мониторинга, прогнозирования чрезвычайных ситуаций при Министерстве чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики”.

6. Департаменттин юридикалык дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Манас проспекти, 101/1, Жумабек көчөсү, 203/1

- 9-пунктта:

1-пунктчада:

төртүнчү абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“- Министрлик тарабынан жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте жүргүзүлүүчү алдын алуу, коргоо жана авариялык-калыбына келтирүү иш-чаралары боюнча сунуштарды даярдоого катышат;”;

алтынчы, жетинчи абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“- тиешелүү мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу боюнча чараларды көрүү үчүн кооптуу табигый процесстердин жана кубулуштардын активдешүүсүнүн мүмкүндүгүнө мониторинг жүргүзөт жана алар боюнча корутунду, кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү божомолдорду берет;

- кооптуу табигый, техногендик процесстерге жана кубулуштарга кабылышы ыктымал болгон конкреттүү участоктордо геомаалыматтык системаларды колдонуп, андан ары тыянактарды жана корутундуларды чыгаруу менен комплекстүү инженердик-геологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүүнү уюштурат;”;

онунчу абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“- кооптуу табигый, техногендик процесстерге жана кубулуштарга кабылышы ыктымал болгон участоктордо илимий-изилдөө, долбоордук-изилдөө жана алдын алуу иштерин жүргүзүү, ошондой эле болжолдуу материалдарды даярдоо жана чыгаруу үчүн товарларды жеткирүүгө, жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө, белгиленген тартипте мамлекеттик сатып алууларды жүргүзөт;”;

- 2-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“- Өзгөчө кырдаалдарга комплекстүү мониторинг жүргүзүүнүн жана божомолдоонун бирдиктүү системасынын катышуучуларынын ортосундагы маалыматтык өз ара аракеттенүүлөрүн уюштурат жана координациялайт;”;

- 3-пунктча төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“- табигый жана техногендик коркунучтарга комплекстүү мониторинг жүргүзүү жана божомолдоо системасынын иштешин уюштурат.”;

5) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча кызмат жөнүндө жободо:

- 6-пункттагы “723325, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Нариман көчөсү, н-ж” деген сөздөр “723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Г. Айтиев көчөсү, 10” деген сөздөргө алмаштырылсын;

6) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу боюнча капиталдык курулуш департаменти жөнүндө жободо:

- 8-пункттун он төртүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“- Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында жана Кыргыз Республикасы менен тиешелүү макулдашуулары бар мамлекеттердин чек ара аймактарында өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу боюнча кечиктирилгис авариялык-калыбына келтирүү иштерин уюштурат жана жүргүзөт;”;

7) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Өрттү көзөмөлдөө боюнча кызмат жөнүндө жободо:

- 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“5. ӨККнын толук аталышы:

1) мамлекеттик тилде: “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Өрттү көзөмөлдөө боюнча кызмат”;

2) расмий тилде: “Служба по пожарному надзору при Министерстве чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики”.”;

8) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департамент жөнүндө жободо:

- 9-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“- Министрликтин карамагындагы калдык сактоочу жайларды жана кен калдыктарын радиациялык коопсуздуктун эл аралык критерийлерине ылайык келтирүү боюнча программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;”;

- 10-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“- Министрликтин карамагындагы калдык сактоочу жайларды жана кен калдыктарын рекультивациялоо боюнча иш-чаралардын комплексин жүргүзөт.”;

9) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Кризистик кырдаалдарда башкаруу борбору жөнүндө жободо:

- 7-пункттагы “Осмонкул көчөсү, 128” деген сөздөр “Осмонкул көчөсү, 128 б” деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 9-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“- өрттү аныктоонун жана өчүрүүнүн автоматтык системаларынын кабарлоосуна мониторинг жүргүзүү.”;

- 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

“- Министрликтин жетекчилигинин тапшырмасы боюнча өзгөчө кырдаал коркунучу жана пайда болуу мезгилинде алдын алуу, жоюу иш-чараларын, авариялык-куткаруу жана башка кечиктирилгис иштерди жүргүзүү үчүн ЖКМС күчтөрүн жана каражаттарын тартуу жөнүндө көрсөтмөлөрдү берет.”;

10) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Суучулдарды даярдоо жана суу алдындагы техникалык иштерди аткаруу борбору (Суучулдар кызматы) жөнүндө жободо:

- 8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“8. Борбордун юридикалык дареги: 722100, Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Чолпон-Ата шаары, Ахунбаев көчөсү, 2.”.

**4.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-сентябрындагы №512 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №262 “Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин айрым маселелери жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

**5**. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги алты айлык мөөнөттө:

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн юридикалык жакты юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоону белгиленген тартипте жүргүзсүн;

- өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 24-январы, №19***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН МАМЛЕКЕТТИК СОЦИАЛДЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЖАНА ПЕНСИЯ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-декабрындагы №352 «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-чаралар планында:

- 342-пункттагы «IV кв. 2023» деген сөздөр «IV кв. 2025» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы №704 «Кыргыз Республикасынын «Келечек булагы» туруктуу пенсиялык системасынын стратегиясы жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын «Келечек булагы» туруктуу пенсиялык системасынын стратегиясын ишке ашыруу боюнча жол карта ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 24-январы, №21***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ЭЛЕКТРОНДУК САЛАМАТТЫК САКТОО БОРБОРУНУН ИШИНИН ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик башкаруу органдарынын штаттык санын оптималдаштыруу, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Электрондук саламаттык сактоо борборунун ишинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 26-июнундагы №278 «Мамлекеттик аппараттын санын кыскартуу жөнүндө», 2021-жылдын 2-декабрындагы №541 «Республикалык бюджеттин чыгашаларын оптималдаштыруу, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджеттик каражаттарды пайдалануусунун натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» жарлыктарын ишке ашыруунун алкагында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:

- 8-пунктта «474», «146», «64», «6» деген цифралар тиешелүү түрдө «458», «147», «48», «7» деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №434 «Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

-жогоруда аталган токтомдун 32-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Электрондук саламаттык сактоо борбору Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу жана электрондук саламаттык сактоонун бирдиктүү экосистемасын түзүү максатында аларды башка мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалыматтык системалары менен интеграциялоону камсыз кылуучу маалыматтык системаларынын техникалык оператору болуп саналат деп белгиленсин.

**4.** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

1) Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Электрондук саламаттык сактоо борбору менен биргеликте 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мөөнөттө төмөнкүдөй маалыматтык системаларды иштеп чыксын:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине кирүү мүмкүнчүлүгүн берүү менен бекитилген типтүү штаттарга (тармактарга, штаттарга жана контингенттерге) ылайык түзүлгөн «Республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу саламаттык сактоо уюмдарынын жана мекемелеринин электрондук тарификациясы жана штаттык расписаниеси»;

- «Пациенттин санариптик стационардык медициналык картасы»;

- «Төрөттөрдүн санариптик тарыхы»;

- «Жаңы төрөлгөн баланын санариптик картасы»;

2) өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**5**. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги «Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоодо ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү карасын.

**6.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**7.** Бул токтом расмий жарыялanууга тийиш жана 2024-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-январы, №27***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2023-ЖЫЛДЫН 25-ЯНВАРЫНДАГЫ №39 «САЛАМАТТЫК САКТОО УЮМДАРЫНЫН ЖЕТЕКЧИЛЕРИНИН КАДРЛАР РЕЗЕРВИН ТҮЗҮҮНҮН ЖАНА ДАЙЫНДООНУН ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин жана кадрлар резервине киргизилген адамдардын кадрдык курамынын кесиптик даярдыгынын деңгээлин жогорулатуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-январындагы №39 «Саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин кадрлар резервин түзүүнүн жана дайындоонун тартиби жана шарттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги 2024-жылдын 1-мартына чейинки мөөнөттө кадрлар резервин түзүүнү жана саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат орундарын ээлөө үчүн компетенттүү талапкерлердин зарыл болгон санын даярдоону камсыз кылсын жана өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.».

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-январы, №28***

## АВТОТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИККЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдык-техникалык базасын чыңдоо максатында, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик белгиленген тартипте автотранспорт каражаттарын мамлекеттин менчигине кабыл алсын жана Нарын облусунун айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине тиркемеге ылайык өткөрүп берсин.

**2.** Муниципалдык органдар белгиленген тартипте:

- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн автотранспорт каражаттарын муниципалдык менчикке кабыл алсын жана аларды жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын чегинде күтүүнү камсыз кылсын;
- автотранспорт каражаттарын Кыргыз Республикасынын транспорт каражаттарын каттоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык транспорт каражаттарын каттоо органдарында каттоодон өткөрсүн.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-январы, №30***

## ЭТИЛ СПИРТИН, АЛКОГОЛДУК ЖАНА СПИРТ КАМТЫГАН ПРОДУКЦИЯНЫ ӨНДҮРҮҮ ЖАНА ЖҮГҮРТҮҮ КӨЛӨМДӨРҮН ДЕКЛАРАЦИЯЛОО ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

"Этил спиртин өндүрүүгө, импорттоого, сактоого жана сатып өткөрүүгө мамлекеттик монополия жана алкоголдук продукцияны өндүрүүнү мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтыган продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү көлөмдөрүн декларациялоо тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-июнундагы №316 "Этил спиртин, алкоголдук жана спирт камтуучу продукцияларды өндүрүү жана жүгүртүү көлөмдөрүн декларациялоо тартибин бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 20-октябрындагы №249 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Этил спиртин, алкоголдуу жана спирттүү продукцияны чыгарууну жана жүгүртүүнү контролдоо боюнча мамлекеттик агенттик жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-июнундагы №318 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №44 "Этил спиртин, аракты жана пивону ата мекендик өндүрүүчүлөр менен типтүү макулдашуулардын долбоорлору жөнүндө" токтомун күчүн жоготту деп таануу тууралуу" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-январындагы №32 "Этил спиртин жана алкоголдук продукцияларды өндүрүү жана жүгүртүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-январы, №34***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН МОСКВА РАЙОНУНУН БИРИНЧИ МАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙЫНЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГОНУУНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Өнөр жай объектин куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын 30-декабрындагы №ПП-01-8/1077 корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Москва районунун мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №27 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Москва районунун Биринчи Май айыл аймагында жайгашкан, "Агрон" жоопкерчилиги чектелген коомунун жеке менчигинде турган жалпы аянты 0,74 га, анын ичинде №32 контурдагы аянты 0,53 га жана №36 контурдагы аянты 0,21 га кайрак айдоо жери көп функционалдуу консерва заводун куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2**. Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Москва районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу пайдаланууну;
- Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерин жана эрежелерин так сактоону эске алуу менен Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарына ылайык жогоруда аталган жерлердин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү;
- айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруунун наркын төлөөнү;
- көрсөтүлгөн жер участогунда тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталганда же жер участогу тарыхый-маданий мурас объекттеринин коргоо зонасына кирип калганда "Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын сактоону;
- жер участогунун менчик ээсине, жерди пайдалануучуга карата жер участогу пайдаланылбаган же максаттуу эмес багыты боюнча пайдаланылган учурда аны баштапкы абалына келтирүүнү караган чараларды көрүүнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-январы, №31***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН АРАВАН РАЙОНУНУН КЕРМЕ-ТОО АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙЫНЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГОНУУНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Араван районунун Керме-Тоо айыл аймагында өнөр жай объектин куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин 6-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын 28-июлундагы №01-39/1539 корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Араван районунун мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 13-июлундагы №01-21/46 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Араван районунун Керме-Тоо айыл аймагынын Жеңиш участогунда, №184 жана №$184^1$ контурларда жайгашкан Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун 10,0 га сугат айдоо жери текстиль фабрикасын куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Араван районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;
- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлердин шаар куруу документтерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү;
- максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда көрсөтүлгөн жерлерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алып коюуну.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-январы, №32***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУНДАГЫ ТАМЧЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "ТОКОЙ ФОНДУСУНУН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙЫНЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГОНУУНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Туристтик тармакка инвестицияларды тартуу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6, 14-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2023-жылдын 19-майындагы №01-49-2171 корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 4-майындагы №33 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районундагы Тамчы айыл аймагынын Кош-Көл айылынын түштүк бөлүгүндө жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган Балыкчы токой чарбасынын 23,50 га жери гольф-курорт куруу үчүн "Токой фондусунун жерлери" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2**. Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерди максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;
- ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлердин шаар куруу документтерин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү;
- максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда көрсөтүлгөн жерлерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алып коюуну.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президентинин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 26-январы, №33***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН ЖАРАНДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ШАЙЛОО ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ БОРБОРУНУН УСТАВЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

2021-жылдын 26-июнунун №79 “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 86 жана 87-беренелерин, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып, 2020-жылдын 1-январынан 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилдер үчүн бюджеттик каражаттардын чыгашаларынын сметаларынын аткарылышына, эл аралык кызматташуу боюнча кирешелерге жана чыгашаларга аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштамаларын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборунун Уставына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

– 13-пункту төмөнкүдөй мазмундагы жыйырма биринчи абзацы менен толукталсын:

“– шайлоо технологияларын өркүндөтүүгө багытталган техникалык сунуштарды талдоого жана иштеп чыгууга, программалык продуктылардын

иштеп чыгууга көмөк көрсөтөт;”;

– 14-пунктунун он биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“– колдонуудагы мыйзамдарда тыюу салынбаган Кыргыз Республикасында алдыңкы шайлоо технологияларын даярдоого, иштеп чыгууга, киргизүүгө жана колдонууга багытталган башка иштерди жүзөгө ашырат.”;

– 16-пунктунун тогузунчу абзацында “контракттык негизде” деген сөздөр “эмгек келишими боюнча” деген сөздөргө алмаштырылсын;

– 21-пункту төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Жарандык билим берүү борборунун долбоорлорду жана программаларды ишке ашыруудан, башка финансылык-чарбалык иштердин түрүнөн алган кирешелери, ошондой эле алынган кирешелердин эсебинен сатып алынган мүлкү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын макулдугусуз ээликтен чыгарылууга же башка уюмдун же юридикалык жана жеке жактын ээлигине, пайдалануусуна же болбосо тескөөсүнө берилүүгө тийиш эмес.».

**2.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборунун директоруна Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборун мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүүнү ишке ашырсын.

Аталган токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын анык экендиги ырасталат.

**3.** Ушул токтом "Эркин-Тоо" газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Аппаратынын жетекчисине жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 29-январы, №2***

---

Подразделение службы судебных исполнителей Жайылского района

ОБЪЯВЛЯЕТ ПЕРВИЧНЫЙ ОТКРЫТЫЙ АУКЦИОН на недвижимое имущество:

**жилой дом с земельным участком - жилое (общая площадь - 68,5 кв.м., жилой площадью - 42,30 кв.м., расположенный на земельном участке мерою 1 518,0 кв.м.) идентификационный код единицы недвижимого имущества: 7-03-01-1002-0006, находящийся по адресу: Жайылский р-н, с.Жайыл, ул.Калыбека Жекшенова №7/2, принадлежащий залогодателю Бекмуратовой Бурмакан Манафовне, на основании договора дарения №1-135 от 27.01.2014 года с оценочной стоимостью 588 630 сом.**

Торги состоится **14 марта 2024 года в 10.00 часов** по адресу: **Жайылский р-н, с. Жайыл, ул.Калыбека Жекшенова №7/2.**

Для участия в торгах необходимо внести **5%** гарантийного взноса на лицевой счет **№44030662100000207** ПССИ Жайылского района.

Участник выигравший открытый аукцион, должен в течение пяти дней внести на лицевой счет ПССИ Жайылского района покупную цену за вычетом суммы гарантийного взноса.

**По всем вопросам обращаться в ПССИ Жайылского района, каб. №14, судебному исполнителю Женишбекову А.Ж. тел.: (0997) 22-20-05.**

С/О-114

---

## СОЦИАЛДЫК ЧӨЙРӨДӨ ТАМАКТАНУУ ЧЕНЕМДЕРИ ЖӨНҮНДӨ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Социалдык чөйрөнүн айрым мекемелеринин тамактануу ченемдерин этап-этабы менен жогорулатуу максатында, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 “Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай нормалары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун тиркемесинде:

1) 2-пунктта “60” деген цифралар “90” деген цифраларга алмаштырылсын;

2) $2^1$-пунктта “30” деген цифралар “60” деген цифраларга алмаштырылсын;

3) 4-пунктта “110” деген цифралар “165” деген цифраларга алмаштырылсын;

4) 5-пунктта “110” деген цифралар “213” деген цифраларга алмаштырылсын;

5) 7-пунктта:

- “50” деген цифралар “100” деген цифраларга алмаштырылсын;

-“110” деген цифралар “ 160” деген цифраларга алмаштырылсын;

6) 8-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“

| | | |
|---|---|---|
| 8 | Ч. Базарбаев атындагы Бишкек хореографиялык окуу жайы үчүн | 213 |
| | Шералы Сыдыков атындагы Республикалык спорт колледжи үчүн | 489 |

”;

7) 9-пунктта “18” деген цифралар “60” деген цифраларга алмаштырылсын;

8) 10-пунктта “83”, “55” деген цифралар “150”, “120” деген цифраларга алмаштырылсын;

9) 11-пунктта “68”, “90”, “109”, “83”, “250”, “210,” “120”, “145” деген цифралар “150”, “150”, “300”, “150”, “489”, “250,” “160”, “185” деген цифраларга алмаштырылсын;

10) 14-пункттун бүткүл тексти боюнча “200” деген цифралар “220” деген цифраларга алмаштырылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 22-сентябрындагы №500 “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында 1-4-класстын окуучуларынын тамактануусун уюштуруу жөнүндө жободо:

- 6-пунктта “7” деген цифра “14” деген цифраларга алмаштырылсын;

- 7-пунктта “10” деген цифралар “14” деген цифраларга алмаштырылсын;

- 8-пунктта “7” деген цифра “14” деген цифраларга алмаштырылсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги “Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында “Социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу” 26653 ведомстволук классификациясы боюнча социалдык чөйрөдөгү мекемелердин тамактануу ченемдерин жогорулатууга каралган бюджеттик ассигнованиелерден тиешелүү каражаттарды бөлүп берсин.

**4.** Министрликтер жана ведомстволор, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**6.** Бул токтом расмий жарыялanууга тийиш жана 2024-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 30-январы, №37***

---

**КЕН-БУЛУНСКИЙ АЙЫЛ ОКМОТУ**

**ОБЪЯВЛЯЕТ КОНКУРС**

**в аренду на конкурсной основе очистное сооружение общей площадью 16796,00 кв.м. в целях улучшения и реконструкции очистного сооружения находящиеся в с. Дружба Кен-Булунского айылного аймака.**

Конкурс состоится **4 марта в 15.00 часов** в здании Кен-Булунского айыл окмоту.

Прием документов проводится в здании Кен-Булунского айыл окмоту не позднее 5 календарных дней до окончания объявления.

С/О-118

---

**Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунун Көк-Таш айыл аймагына караштуу**

Көк-Таш айылынын Кара-Суу участкасындагы 500,00 кв.м., муниципалдык жер аянты аукциондун негизинде жеке менчикке берүү үчүн аукцион жарыялайт.

Н-262

---

***Рахманов Акрамжон Алижановичке таандык ИНН 20112199600939 салыктык каттоо баракчасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

К.

---

***В связи с утерей диплома № CD170105337 на имя Сыдыкбековой Мунары Жакшылыковны считать недействительным.***

Н-260

---

***Маширапова Венера Жапаркуловнага таандык ИНН 10601198501534 салыктык каттоо баракчасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

К.

---

***Ормонов Джумабек Убайдиллаевичке тиешелүү мамлекеттик актысы Ч №864070 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-261

---

Funded by European Union Humanitarian Aid
IFRC
German Red Cross
RED CRESCENT SOCIETY OF KYRGYZSTAN

**ОО «НАЦИОНАЛЬНОЕ ОБЩЕСТВО КРАСНОГО ПОЛУМЕСЯЦА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ»**

**в рамках реализации проекта «УСКОРЕНИЯ ДЕЙСТВИЙ НА МЕСТНОМ УРОВНЕ В КРИЗИСНЫХ УСЛОВИЯХ В ГУМАНИТАРНОЙ СФЕРЕ И В ОБЛАСТИ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ» финансируемого в рамках гуманитарной помощи Европейского Союза, и реализуемого НОКП КР при технической поддержке Германского Красного Креста, Международной Федерации обществ Красного Креста и Красного Полумесяца и Итальянского Красного Креста**

**ОБЪЯВЛЯЕТ ТЕНДЕР НА ПОСТАВКУ**

- **Аптечки Первой Помощи.**
- **Строительных касок.**
- **Жилеток.**
- **Конференц-оборудования и стол для совещаний.**
- **Кухонных наборов.**

Приглашения к участию и спецификацию товаров можно получить по адресу: **г. Бишкек, бульвар Эркиндик, 10.** ОО “Национальное Общество Красного Полумесяца КР” или направив запрос на электронную почту: **logist@redcrescent.kg**

Тендерные предложения в запечатанных конвертах предоставить не позднее **17.00 часов 16 февраля 2024 г.** по вышеуказанному адресу или на электронный адрес: **logist@redcrescent.kg**

С/О-116

---

**ЖОГОЛДУ**

**УТЕРЯ**

***Сыдыков Маркабайга тиешелүү жер үлүшүнөн пайдаланууга укук берүүчү күбөлүгү сериясы ЗГ №12636 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

Н-258

---

***Өзгөн районунун тургуну Сатыбалдыев Суйунбек Байышовичке таандык райстаттан берилген ишкердик күбөлүгү ОКПОсу 27596854, ИНН 20105198801672 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

П/П-052

---

***Абдуразакова Халысхан Зайнаповнага таандык ИНН 12503197001181 салыктык каттоо баракчасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

К.

---

***Мамажанов Лочинбек Дильшодовичке таандык ИНН 20204199700840 салыктык каттоо баракчасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

К.

---

***Закиров Равшанбек Хасилжановичке таандык Ч №1135556 жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндөгү мам. актысы иден. коду 5-04-11-1006-0612 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

К.

---

***Дүйшебаев Бакыт Акжоловичке таандык код ОКПО 29493957, ИНН 20812196500748 салык кызматынан берилген жеке ишкердикти тастыктоочу күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

К.Т.

---

***Бекматов Сооронбек Акылбековичке таандык 19.11.2012-жылы берилген №086428 мамлекеттик актысы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.***

К.Т.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕРЛЕРДИН ТИЗМЕСИНЕН КАТТАЛГАН ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ ЖАЙЫЛ, КЕМИН, ЫСЫК-АТА, АТ-БАШЫ, КОЧКОР, АК-ТАЛАА, ЖУМГАЛ, АЛА-БУКА, ТОКТОГУЛ, БАТКЕН ШААРДЫК, ЛЕЙЛЕК, БАТКЕН, КАРАКОЛ, ЖЕТИ-ӨГҮЗ ЖАНА АРАВАН АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынын 26.12.2023-ж. №33, №34; 11.01.2024-ж. №1, №2, 25.01.2024-ж. №3, №4 – Чүй облусунун Жайыл районундагы Кара-Балта шаардык жана Талды-Булак айылдык кеңештери боюнча;
- Кемин аймактык шайлоо комиссиясынын 12.01.2024-ж. №1, №2 – Чүй облусунун Кемин районундагы Кемин шаардык кеңеши боюнча;
- Ысык-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын 11.01.2024-ж. №1, №2, №3 – Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ак-Кудук, Люксембург жана Ивановка айылдык кеңештери боюнча;
- Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясынын 28.12.2023-ж. №9 – Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Баш-Кайыңды айылдык кеңеши боюнча;
- Кочкор аймактык шайлоо комиссиясынын 25.12.2023-ж. №9, №10 – Нарын облусунун Кочкор районундагы Кош-Дөбө жана Семиз-Бел айылдык кеңештери боюнча;
- Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясынын 09.01.2024-ж. №1 – Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Ак-Чий айылдык кеңеши боюнча;
- Жумгал аймактык шайлоо комиссиясынын 13.01.2024-ж. №1, №2 – Нарын облусунун Жумгал районундагы Түгөл-Сай айылдык кеңеши боюнча;
- Ала-Бука аймактык шайлоо комиссиясынын 08.01.2024-ж. №1, №2; 25.01.2024-ж. №3, №4 – Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Т.Балтагулов жана Өрүктү айылдык кеңештери боюнча;
- Токтогул аймактык шайлоо комиссиясынын 16.01.2024-ж. №1, №2 – Жалал-Абад облусунун Токтогул районундагы Токтогул шаардык кеңеши боюнча;
- Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 16.01.2024-ж. №1 – Баткен облусунун Баткен шаардык кеңеши боюнча;
- Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын 25.12.2023-ж. №6, №7, №8; 22.01.2024-ж. №1, №2, №3 – Баткен облусунун Лейлек районундагы Бешкент, Тогуз-Булак жана Кулунду айылдык кеңештери боюнча;
- Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын 16.01.2024-ж. №1 – Баткен облусунун Баткен районундагы Суу-Башы айылдык кеңеши боюнча;
- Каракол аймактык шайлоо комиссиясынын 23.01.2024-ж. №1, №2 – Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык кеңеши боюнча;
- Жети-Өгүз аймактык шайлоо комиссиясынын 08.01.2024-ж. №1 – Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районундагы Барскоон жана Даркан айылдык кеңештери боюнча;
- Араван аймактык шайлоо комиссиясынын 10.01.2024-ж. №1 – Ош облусунун Араван районундагы Төө-Моюн айылдык кеңеши боюнча.

Ошондой эле депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Жайыл аймактык шайлоо комиссиясынын 26.12.2023-ж. №33 – Чүй облусунун Жайыл районундагы Кара-Балта шаардык кеңеши боюнча;
- Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясынын 28.12.2023-ж. №9 – Нарын облусунун Ат-Башы районундагы Баш-Кайыңды айылдык кеңеши боюнча;
- Кочкор аймактык шайлоо комиссиясынын 25.12.2023-ж. №10 – Нарын облусунун Кочкор районундагы Семиз-Бел айылдык кеңеши боюнча;
- Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясынын 09.01.2024-ж. №1 – Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Ак-Чий айылдык кеңеши боюнча;
- Ала-Бука аймактык шайлоо комиссиясынын 25.01.2024-ж. №4 – Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы Өрүктүү айылдык кеңеши боюнча;
- Баткен шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 16.01.2024-ж. №1 – Баткен облусунун Баткен шаардык кеңеши боюнча;
- Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын 25.12.2023-ж. №6; 22.01.2024-ж. №3 – Баткен облусунун Лейлек районундагы Бешкент жана Тогуз-Булак айылдык кеңештери боюнча;
- Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын 16.01.2024-ж. №1 – Баткен облусунун Баткен районундагы Суу-Башы айылдык кеңеши боюнча;
- Араван аймактык шайлоо комиссиясынын 10.01.2024-ж. №1 – Ош облусунун Араван районундагы Төө-Моюн айылдык кеңеши боюнча.

Аталган чечимдер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдеринин «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Жайыл, Кемин, Ысык-Ата, Ат-Башы, Кочкор, Ак-Талаа, Жумгал, Ала-Бука, Токтогул, Лейлек, Баткен, Каракол, Жети-Өгүз жана Араван аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кээ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2.** Жайыл, Ат-Башы, Кочкор, Ак-Талаа, Ала-Бука, Баткен шаардык, Лейлек, Баткен жана Араван аймактык шайлоо комиссияларынын депутаттыкка талапкерлердин тизмесинен катталган талапкерлерди чыгаруу боюнча чечимдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Жайыл, Кемин, Ысык-Ата, Ат-Башы, Кочкор, Ак-Талаа, Жумгал, Ала-Бука, Токтогул, Баткен шаардык, Лейлек, Баткен, Каракол, Жети-Өгүз жана Араван аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге жана саясий партиялардын талапкерлеринин катталган тизмесиндеги талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**4.** Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып анык эмес деп таанылсын.

**5**. Жайыл, Кемин, Ысык-Ата, Ат-Башы, Кочкор, Ак-Талаа, Жумгал, Ала-Бука, Токтогул, Баткен шаардык, Лейлек, Баткен, Каракол, Жети-Өгүз жана Араван аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

**6**. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**7**. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

**8**. Бул токтомдун аткарылышын контролдо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаровго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА Н. ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2024-жылдын 29-январы, №1***

*Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын
2024-жылдын 29-январындагы
№1 токтомунун 1-тиркемеси*

### Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А. | Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | |
| **Жайыл району** | | | |
| 1. | Кара-Балта шаардык | Кадыркулов Адлет Адылбекович (4) «Альянс» депутаттык фракциясы | Жайыл АШК, №33, 26.12.2023-ж. (Соттун айыптоо өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө киришине ылайык, Чүй облусунун Жайыл райондук сотунун 20.06.2023-ж. Өкүмү УД-146/23ч2) |
| 2. | | Сарсембаев Галым Арипжанович (3) «Ишеним» депутаттык фракциясы | Жайыл АШК, №1, 11.01.2024-ж. (25.12.2023-ж. өз арызы) |
| 3. | Талды-Булак айылдык (№1 Боксо-Жол шайлоо округу) | Касымбекова Гулаида Басаркуловна | Жайыл АШК, №3, 25.01.2024-ж. (19.01.2024-ж. өз арызы) |
| **Кемин району** | | | |
| 4. | Кемин шаардык | Алымбеков Манай Алымбекович (1) «Адилет» депутаттык фракциясы | Кемин АШК, №1, 12.01.2024-ж. (08.01.2024-ж. өз арызы) |
| **Ысык-Ата району** | | | |
| 5. | Ак-Кудук айылдык (№3 шайлоо округу) | Джурабаев Рахим Полатбаевич | Ысык-Ата АШК, №1, 11.01.2024-ж. (29.12.2023-ж. өз арызы) |
| 6. | Люксембург айылдык (№3 шайлоо округу) | Джалазов Салим Харбиевич | Ысык-Ата АШК, №2, 11.01.2024-ж. (27.12.2023-ж. өз арызы) |
| 7. | Ивановка айылдык (№1 шайлоо округу) | Аширов Замирбек Усенович | Ысык-Ата АШК, №3, 11.01.2024-ж. (08.01.2024-ж. өз арызы) |
| **НАРЫН ОБЛУСУ** | | | |
| **Ат-Башы району** | | | |
| 8. | Баш-Кайыңды айылдык (№2 Клуб шайлоо округу) | Рахатбек уулу Мирлан | Ат-Башы АШК, №9, 28.12.2023-ж. (28.12.2023-ж. өз арызы) |
| **Кочкор району** | | | |
| 9. | Кош-Дөбө айылдык (№2 Кара-Саз шайлоо округу) | Буудайчиева Саламат Бейшенбековна | Кочкор АШК, №9, 25.12.2023-ж. (21.12.2023-ж. өз арызы) |
| 10. | Семиз-Бел айылдык (№2 Кара-Тоо шайлоо округу) | Калиев Урмат Чекматович | Кочкор АШК, №9, 25.12.2023-ж. (21.12.2023-ж. өз арызы) |
| **Ак-Талаа району** | | | |
| 11. | Ак-Чий айылдык (№1 Ак-Чий шайлоо округу) | Жалилов Уланбек Жалилович | Ак-Талаа АШК, №1, 09.01.2024-ж. (08.01.2024-ж. өз арызы) |
| **Жумгал району** | | | |
| 12. | Түгөл-Сай айылдык (№1 Түгөл-Сай-Эпкин шайлоо округу) | Абдыракманов Асхат Осунбекович | Жумгал АШК, №1, 13.01.2024-ж. (26.12.2024-ж. өз арызы) |
| **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | |
| **Ала-Бука району** | | | |
| 13. | Т. Балтагулов айылдык (№4 Кош-Терек шайлоо округу) | Шабданов Искендер Калыбекович | Ала-Бука АШК, №1, 08.01.2024-ж. (26.12.2023-ж. өз арызы) |
| 14. | Өрүктү айылдык (№2 Өрүктү-Сай шайлоо округу) | Бөрүбеков Замирбек Баймырзаевич | Ала-Бука АШК, №3, 25.01.2024-ж. (15.01.2024-ж. өз арызы) |
| **Токтогул району** | | | |
| 15. | Токтогул шаардык | Нургазы уулу Кыязбек (5) «Ата-Журт Кыргызстан» депутаттык фракциясы | Токтогул АШК, №1, 16.01.2024-ж. (11.01.2024-ж. өз арызы) |
| **БАТКЕН ОБЛУСУ** | | | |
| **Лейлек району** | | | |
| 16. | Бешкент айылдык (№1 Андархам шайлоо округу) | Баховидинов Ибодуллохон Туронхожаевич | Лейлек АШК, №6, 25.12.2023-ж. (14.12.2023-ж. өз арызы) |
| 17. | Тогуз-Булак айылдык (№4 Ай-Көл шайлоо округу) | Усманова Айсалкын Омурбаевна | Лейлек АШК, №7, 25.12.2023-ж. (20.12.2023-ж. өз арызы) |
| 18. | Тогуз-Булак айылдык (№3 Айбике шайлоо округу) | Маматкулов Шайырбек Пазылбекович | Лейлек АШК, №8, 25.12.2023-ж. (21.12.2023-ж. өз арызы) |
| 19. | Кулунду айылдык (№4 Раззаков шайлоо округу) | Азимова Жамила Жоробаевна | Лейлек АШК, №8, 25.12.2023-ж. (18.12.2023-ж. өз арызы) |
| **Баткен району** | | | |
| 20. | Суу-Башы айылдык (№1 Боз-Адыр шайлоо округу) | Гиязидинов Кылычбек Гиязидинович | Баткен АШК, №1, 16.01.2023-ж. (25.12.2023-ж. өз арызы) |
| **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | | | |
| **Каракол шаары** | | | |
| 21. | Каракол шаардык | Омурбеков Акысбек Орозалиевич (1) «Ыйман-Нуру» депутаттык фракциясы | Каракол АШК, №1, 23.01.2024-ж. (15.01.2024-ж. өз арызы) |
| 22. | | Исмаилов Кубанычбек Касымович (4) «Ыйман-Нуру» депутаттык фракциясы | Каракол АШК, №1, 23.01.2024-ж. (15.01.2024-ж. өз арызы) |
| **Жети-Өгүз району** | | | |
| 23. | Барскоон айылдык (№3 Мектеп шайлоо округу) | Алыбаев Авазбек Догдурбекович | Жети-Өгүз АШК, №1, 08.01.2024-ж. (26.12.2023-ж. өз арызы) |
| 24. | Даркан айылдык (№1 Саалиева шайлоо округу) | Борончиев Таалайбек Эсенбекович | Жети-Өгүз АШК, №1, 08.01.2024-ж. (ЖААКтын 06-02 региондор аралык бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 4-декабрындагы берилген каза болгондугу тууралуу №KGZ07 0251613 күбөлүгү) |
| **ОШ ОБЛУСУ** | | | |
| **Араван району** | | | |
| 25. | Төө-Моюн айылдык (№5 Авиз-Сары-Таш шайлоо округу) | Абдисаматов Абдилады | Араван АШК, №1, 10.01.2024-ж. (ЖААКтын 06-02 региондор аралык бөлүмү тарабынан 2023-жылдын 8-августундагы берилген каза болгондугу тууралуу №KGZ07 0232754 күбөлүгү) |

**Шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн башчысы М. КОЖОКЕЕВА**

**Аткаруучу: Шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн эксперти А.АККОЗИЕВ**

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2024-жылдын 29-январындагы*
*№1 токтомунун 2-тиркемеси*

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин катталган тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А. | Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы жана чечимге негиз |
|---|---|---|---|
| | **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | |
| | **Жайыл району** | | |
| 1. | Кара-Балта шаардык | Дакаев Аслан Османович (5) «Альянс» саясий партиясы | Жайыл АШК, №33, 26.12.2023-ж. (06.12.2023-ж. өз арызы) |
| 2. | | Кадыркулов Фарис Адылбекович (7) «Альянс» саясий партиясы | Жайыл АШК, №33, 26.12.2023-ж. (06.12.2023-ж. өз арызы) |
| 3. | | Айдарканов Нургазы Базарбекович (8) «Альянс» саясий партиясы | Жайыл АШК, №33, 26.12.2023-ж. (04.12.2023-ж. өз арызы) |
| 4. | | Асаналиев Канат Омурбекович (10) «Альянс» саясий партиясы | Жайыл АШК, №33, 26.12.2023-ж. (13.12.2023-ж. өз арызы) |
| 5. | | Тусупбеков Ержан Даулетбекович (11) «Альянс» саясий партиясы | Жайыл АШК, №33, 26.12.2023-ж. (21.12.2023-ж. өз арызы) |
| | **НАРЫН ОБЛУСУ** | | |
| | **Ат-Башы району** | | |
| 6. | Баш-Кайыңды айылдык (№2 Клуб шайлоо округу) | Моңолдоров Жылдызбек Моңолдорович | Ат-Башы АШК, №9, 28.12.2023-ж. (14.12.2023-ж. өз арызы) |
| 7. | | Токтогонов Дастан | Ат-Башы АШК, №9, 28.12.2023-ж. (15.12.2023-ж. өз арызы) |
| 8. | | Мускаев Нурлан Жумакович | Ат-Башы АШК, №9, 28.12.2023-ж. (25.12.2023-ж. өз арызы) |
| | **Кочкор району** | | |
| 9. | Семиз-Бел айылдык (№2 Кара-Тоо шайлоо округу) | Жээнбек уулу Таалайбек | Кочкор АШК, №10, 25.12.2023-ж. (21.12.2023-ж. өз арызы) |
| | **Ак-Талаа району** | | |
| 10. | Ак-Чий айылдык (№1 Ак-Чий шайлоо округу) | Маамет уулу Камчыбек | Ак-Талаа АШК, №1, 09.01.2024-ж. (08.01.2024-ж. өз арызы) |
| | **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | |
| | **Ала-Бука району** | | |
| 11. | Өрүктү айылдык (№2 Өрүктү-Сай шайлоо округу) | Ибраймалиев Болотбек Нарбекович | Ала-Бука АШК, №4, 25.01.2024-ж. (17.01.2024-ж. өз арызы) |
| 12. | | Назарматов Анарбек Шарабидинович | Ала-Бука АШК, №4, 25.01.2024-ж. (17.01.2024-ж. өз арызы) |
| | **БАТКЕН ОБЛУСУ** | | |
| | **Баткен шаары** | | |
| 13. | Баткен шаардык | Исамидин уулу Махаматали (7) «Жаңы Доор» саясий партиясы | Баткен шаардык АШК, №1, 16.01.2024-ж. (Соттун айыптоо өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө киришине ылайык. КРнын Жогорку сотунун 2023-жылдын 14-ноябрындагы токтому вcба-104-1029-23 уд. |
| | **Лейлек району** | | |
| 14. | Бешкент айылдык (№1 Андархам шайлоо округу) | Насриддинов Камолиддин Низомиддинович | Лейлек АШК, №6, 25.12.2023-ж. (15.12.2023-ж. өз арызы) |
| 15. | | Мехмонова Дилфуза Исманова | Лейлек АШК, №6, 25.12.2023-ж. (15.12.2023-ж. өз арызы) |
| 16. | Тогуз-Булак айылдык (№3 Айбике шайлоо округу) | Коймуратов Шадиман Мусурманкулович | Лейлек АШК, №3, 22.01.2024-ж. (12.01.2024-ж. өз арызы) |
| | **Баткен району** | | |
| 17. | Суу-Башы айылдык (№1 Боз-Адыр шайлоо округу) | Хамытали уулу Эламан | Баткен АШК, №1, 16.01.2023-ж. (15.01.2024-ж. өз арызы) |
| | **ОШ ОБЛУСУ** | | |
| | **Араван району** | | |
| 18. | Төө-Моюн айылдык (№5 Авиз-Сары-Таш шайлоо округу | Абдуллаев Баит Жармаматович | Араван АШК, №1, 10.01.2024-ж. (10.01.2024-ж. өз арызы) |

**Шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн башчысы** **М. КОЖОКЕЕВА**

**Аткаруучу: Шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн эксперти** **А.АККОЗИЕВ**

*Кыргыз Республикасынын*
*Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын*
*2024-жылдын 29-январындагы*
*№1 токтомунун 3-тиркемеси*

## Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

| № | Жергиликтүү кеңештердин аталыштары | Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А. | Иштеген жери, ээлеген кызматы | Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими |
|---|---|---|---|---|
| | **ЧҮЙ ОБЛУСУ** | | | |
| | **Жайыл району** | | | |
| 1. | Кара-Балта шаардык | Кадыралиев Жангазы Мелисович (13) «Альянс» саясий партиясы | Жайыл райондук токой чарбасы, токойчу | Жайыл АШК, №34, 26.12.2023-ж. |
| 2. | | Сулайманов Азамат Бектенович (11) «Ишеним» саясий партиясы | Жеке ишкер | Жайыл АШК, №2, 11.01.2024-ж. |
| 3. | Талды-Булак айылдык (№1 Боксо-Жол шайлоо округу) | Джаманкулова Алтынай Джолдошбековна | «Кыялкеч» балдар бакчасы, башчы | Жайыл АШК, №4, 25.01.2024-ж. |
| | **Кемин району** | | | |
| 4. | Кемин шаардык | Байтылешев Данияр Мыктыбекович (4) «Адилет» саясий партиясы | «Алтынкен» ЖЧК-сы, электрик | Кемин АШК, №2, 12.01.2024-ж. |
| | **Ысык-Ата району** | | | |
| 5. | Ак-Кудук айылдык (№3 шайлоо округу) | Джумаев Шухрат Кенжебаевич | Киров жалпы билим берүү орто мектеби, оператор | Ысык-Ата АШК, №1, 11.01.2024-ж. |
| 6. | Люксембург айылдык (№3 шайлоо округу) | Буйлашев Эрмек Калмуратович | Убактылуу иштебейт | Ысык-Ата АШК, №2, 11.01.2024-ж. |
| 7. | Ивановка айылдык (№1 шайлоо округу) | Юсупов Идрис Хапарович | Жеке ишкер | Ысык-Ата АШК, №3, 11.01.2024-ж. |
| | **НАРЫН ОБЛУСУ** | | | |
| | **Ат-Башы району** | | | |
| 8. | Баш-Кайыңды айылдык (№2 Клуб шайлоо округу) | Шопок уулу Илияс | Ч.Асеков атындагы орто мектеби, мугалим | Ат-Башы АШК, №9, 28.12.2023-ж. |
| | **Кочкор району** | | | |
| 9. | Кош-Дөбө айылдык (№2 Кара-Саз шайлоо округу) | Матагулова Эдита Абасовна | С. Орозбаков атындагы орто мектеби, мугалим | Кочкор АШК, №10, 25.12.2023-ж. |
| 10. | Семиз-Бел айылдык (№2 Кара-Тоо шайлоо округу) | Капесов Кумарбек Кубатович | Бишкек электр иш канасы, айдоочу | Кочкор АШК, №10, 25.12.2023-ж. |
| | **Ак-Талаа району** | | | |
| 11. | Ак-Чий айылдык (№1 Ак-Чий шайлоо округу) | Касмалиева Назгүл Абдыкалыковна | М.Балбаков атындагы орто мектеби, мугалим | Ак-Талаа АШК, №1, 09.01.2024-ж. |
| | **Жумгал району** | | | |
| 12. | Түгөл-Сай айылдык (№1 Түгөл-Сай-Эпкин шайлоо округу) | Джунушов Самат Замирович | Дыйкан чарбанын мүчөсү | Жумгал АШК, №2, 13.01.2024-ж. |
| | **ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ** | | | |
| | **Ала-Бука району** | | | |
| 13. | Т.Балтагулов айылдык (№4 Кош-Терек шайлоо округу) | Сатыбалдиев Жээналы Алишерович | Ала-Бука райондор аралык жалпы дарыгердик практика борборуна караштуу тез жардам бөлүмү, айдоочу | Ала-Бука АШК, №2, 08.01.2024-ж. |
| 14. | Өрүктү айылдык (№2 Өрүктү-Сай шайлоо округу) | Таштаналиев Абдисамат Сатымкулович | Ала-Бука райондук чарбалык эсептеги автобекет, директор | Ала-Бука АШК, №4, 25.01.2024-ж. |
| | **Токтогул району** | | | |
| 15. | Токтогул шаардык | Муратбек уулу Эрчитбек (10) «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясы | Жеке ишкер | Токтогул АШК, №2, 16.01.2024-ж. |
| | **БАТКЕН ОБЛУСУ** | | | |
| | **Баткен шаары** | | | |
| 16. | Баткен шаардык | Абдамитов Нурланбек Калмурзаевич (8) «Жаңы Доор» саясий партиясы | «Ишкердикти өнүктүрүү фонду» МКК ААК, жетекчи | Баткен шаардык АШК, №1, 16.01.2024-ж. |
| | **Лейлек району** | | | |
| 17. | Бешкент айылдык (№1 Андархам шайлоо округу) | Махадинова Дилфузахон Охунхужаевна | «Андархам-Нуру» мектепке чейинки билим берүү мекемеси, директор | Лейлек АШК, №6, 25.12.2023-ж. |
| 18. | Тогуз-Булак айылдык (№4 Ай-Көл шайлоо округу) | Омурзаков Асылбек Эгембердиевич | Жеке ишкер | Лейлек АШК, №7, 25.12.2023-ж. |
| 19. | Кулунду айылдык (№7 Кулунду-Борбордук шайлоо округу | Туратов Салимбек Эгембердиевич | Жеке ишкер | Лейлек АШК, №1, 22.01.2024-ж. |
| 20. | Кулунду айылдык (№4 Раззаков шайлоо округу) | Балтабаева Асал Сайдалиевна | Жеке ишкер | Лейлек АШК, №2, 22.01.2024-ж. |
| 21. | Тогуз-Булак айылдык (№3 Айбике шайлоо округу) | Азизбаев Жумабек Абдиллаевич | Жеке ишкер | Лейлек АШК, №3, 22.01.2024-ж. |
| | **Баткен району** | | | |
| 22. | Суу-Башы айылдык (№1 Боз-Адыр шайлоо округу) | Нуралиев Батырбек Амиракулович | Убактылуу иштебейт | Баткен АШК, №1, 16.01.2023-ж. |
| | **ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ** | | | |
| | **Каракол шаары** | | | |
| 23. | Каракол шаардык | Абдубалиев Кубанычбек Сабырович (5) «Ыйман-Нуру» саясий партиясы | «Каракол» кепилдик фонду» коомдук фонду, жетекчи | Каракол АШК, №2, 23.01.2024-ж. |
| 24. | | Алимов Кудайназар (7) «Ыйман-Нуру» саясий партиясы | Жеке ишкер | Каракол АШК, №2, 23.01.2024-ж. |
| | **Жети-Өгүз району** | | | |
| 25. | Барскоон айылдык (№3 Мектеп шайлоо округу) | Саданбеков Ислан Үсөнбекович | Барскоон айылында дыйкан чарба мүчөсү | Жети-Өгүз АШК, №1, 08.01.2024-ж. |
| 26. | Даркан айылдык (№1 Саалиева шайлоо округу) | Барыктабасов Таалайбек Эсенбекович | Даркан айылында дыйкан чарба мүчөсү | Жети-Өгүз АШК, №1, 08.01.2024-ж. |
| | **ОШ ОБЛУСУ** | | | |
| | **Араван району** | | | |
| 27. | Төө-Моюн айылдык (№5 Авиз-Сары-Таш шайлоо округу | Кошонов Арманали Мамасалиевич | «Капитал Банк» ААК, адис | Араван АШК, №1, 10.01.2024-ж. |

**Шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн башчысы** **М. КОЖОКЕЕВА**

**Аткаруучу: Шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн эксперти** **А.АККОЗИЕВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНИН ТҮЗҮМДҮК, ВЕДОМСТВОЛУК ЖАНА АЙМАКТЫК БӨЛҮКТӨРҮ ТАРАБЫНАН ЖЕКЕ ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА БЕРИЛҮҮЧҮ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮН СТАНДАРТТАРЫН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНИН

### БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү мамлекеттик башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна ылайык **буйрук кылам:**

**1.** Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүктөрү тиркемедеги жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитишсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин массалык маалымат каражаттары жана калк менен иштөө башкармалыгынын башчысы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы №117 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө" токтомуна ылайык үч күн ичинде ушул буйруктун расмий жарыяланышын камсыз кылсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Жарандык коргонуу башкармалыгынын башчысы:

1) расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйрукту эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде, кагаз жана электрондук алып жүрүүчүлөргө жарыялоо булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн;

2) ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде буйруктун көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн.

**4.** Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери:

1) ушул буйруктун 1-пункту менен бекитилген мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын жетекчиликке алсын жана сактасын;

2) муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын мындан ары жогорулатуу жана оптималдаштыруу боюнча чараларды көрүшсүн;

3) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын веб-сайттарга жана маалыматтык такталарга жайгаштырышсын.

**5.** Көрсөтүлгөн мамлекеттик кызматтардын талаптагыдай ишке ашыруу жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүчү түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жүктөлсүн.

**6.** Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министринин биринчи орун басары А.М.Мамбетовго жүктөлсүн.

**7.** Буйрук тиешелүү тараптарга жеткирилсин.

**8.** Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Министр**
**генерал-майор** **Б.Э.АЖИКЕЕВ**

***Бишкек шаары, 2024-жылдын 29-январы, №2-Д***

***Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин "Түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүктөрү тарабынан жеке жана юридикалык жактарга берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары жөнүндөгү" буйругунун тиркемеси менен mchs.gov.kg сайтынан таанышууга болот.***

С/О-110

## ПРИКАЗ

МИНИСТЕРСТВА ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### ОБ УТВЕРЖДЕНИИ СТАНДАРТОВ ГОСУДАРСТВЕННЫХ УСЛУГ, ПРЕДОСТАВЛЯЕМЫХ ФИЗИЧЕСКИМ И ЮРИДИЧЕСКИМ ЛИЦАМ СТРУКТУРНЫМИ, ПОДВЕДОМСТВЕННЫМИ И ТЕРРИТОРИАЛЬНЫМИ ПОДРАЗДЕЛЕНИЯМИ МИНИСТЕРСТВОМ ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

В целях реализации задач по повышению качества предоставления государственных услуг, предоставляемых Министерством чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики, в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О государственных и муниципальных услугах», постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Единого реестра (перечня) государственных услуг, оказываемых органами исполнительной власти, их структурными подразделениями и подведомственными учреждениями» от 10 февраля 2012 года №85, постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года №115 **приказываю:**

**1.** Утвердить прилагаемые стандарты государственных услуг, предостовляемых физическим и юридическим лицам структурными, подведомственными и территориальными подразделениями Министерства чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики.

**2.** Начальнику Управления по работе со средствами массовой информации и населением Министерства чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики в течение трех рабочих дней со дня регистрации настоящего приказа обеспечить его официальное опубликование в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года №117.

**3.** Начальнику Управления Гражданский защиты Министерсва чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики:

1) в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию настоящего приказа в Министерство юстиции Кыргызской Республики в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием информации об источнике его опубликования, для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

2) в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу направить копию настоящего приказа в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

**4.** Руководителям структурных, подведомственных и территориальных подразделений, предоставляющих государственные услуги Министерства чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики:

1) руководствоваться и соблюдать стандарты государственных услуг, утвержденные пунктом 1 настоящего приказа;

2) принимать меры по дальнейшему улучшению качества и оптимизации предоставления муниципальных услуг;

3) размещать стандарты государственных услуг на веб-сайтах и информационных стендах.

**5.** Ответственность за надлежащее предоставление указанных государственных услуг возложить на руководителей структурных, подведомственных и территориальных подразделений, предоставляющих государственные услуги Министерства чрезвычайных ситуаций Кыргызской Республики.

